
16
Оштук Жамала Евровидение-2016ны жеңди!



8
Искусстводо улам кийинки эшик ачыла берет




# САРЕСЕП

saresep.kg

19-май, 2016-жыл
№19 (52)
Калыс көз караш!




# Алты мектепке тыгылган кыргыз тили

4-бетте



Миллион жеген кутулуп, миң сом жеген тутулганда...

5-бетте



Мугалим белексиз окутпайт

6-бетте



Банктарды туура иштетүү зарыл

9-бетте




# “Кыял” тасмасы дүйнөлүк Webby Awards сыйлыгын алды

Сыйлык тапшыруу аземи кечээ Нью-Йоркто өттү. Ага "Азаттыктын" “Кыял” тасмасынын каарманы Нургазы Жакшылыкбек уулу, тасманын автору Уланбек Эгизбаев жана демөөрчү катары барган “Элим барсыңбы” фондунун жетекчиси Хабиб Арзыкулов катышты.

Нургазы Жакшылыкбек уулу тартылган “Кыял” тасмасында Нарын облусунун Кочкор районунун тургуну, тубаса майып Нургазынын тагдыры сүрөттөлгөн. Ал айыл жериндe мектепке араба менен кыйналып жеткени, жакшы билим алгысы келгени тууралуу кыялдарын айтып, бул тасма коомчулукка жарыялангандан кийин "Элим барсыңбы?" коомдук фондунун ыктыярчылары ага квадроцикл белекке беришкен. Нургазынын кыялы бир эле кыргызстандыктарды эмес, бүтүндөй дүйнөнү кайдыгер калтырбай эл аралык Webby Awards, башкача айтканда, Интернет-Оскар сыйлыгын жеңип алды.




# Бала бакчага ташылган курттуу азыктар

Ош шаарындагы «Байчечекей» балдар бакчасынын бошотулган тарбиячылары бала-бачкада балдарды иштөөгө мажбурлап, курттаган азыктүлүктөрдү алып келишет деп билдирүү жасашты дейт кабарлар.орг маалымат булагы.

Андан сырткары, алар «бала бакчанын мүдүрү артында Ош шаарынын мери Айтмамат Кадырбаев турган үчүн жумуштан бошотулбайт» деген пикирин билдиришти.

Паспорту боюнча бакча жетекчиси Орозгүл Бектенова Кара-Суу районуна караштуу Савай айылында 1966-жылы туулуп, 1984-жылы айылдык мектепти аяктаган экен. Ал эми Айтмамат Кадырбаевдин биографиясында, Савай айылындагы ошол эле мектепти 1984-жылы аяктаганы жазылган.

Мындан сырткары, Орозгүл Бектенова 2012-жылы Ош шаардык кеңешине «Замандаш» партиясынан кандидаттыгын койсо, Айтмамат Кадырбаев 2014-жылы «Замандаш» партиясынан мэрликке талапкер болгон.



# Паспорт жасоо кытайларга кыйын эмес

Стамбулда Сауд Аравияга учууга аракет жасаган 98 Кытайлык уйгур жасалма кыргыз паспорту менен кармалды. Алар 16-майда Үрүмчүдөн Түркияга учуп келишкен. Натыйжада жасалма документ жасады деген шек менен төрт киши камакка алынган. Ушундан улам бул маселе боюнча кандай чара көрүп жатканы тууралуу Мамлекеттик каттоо кызматынын Басма сөз кызматчысы Мелис Эржигитов төмөнкүдөй билдирүү жасады:

– Биз түрк тарап менен шашылыш чогулуш өткөрүп, жасалма паспорт менен кармалган жарандардын номурларын берүүсүн өтүндүк. Эми биз бул номурларды базадан карап, тактаган соң гана маалымат бере алабыз. Деги кытайдын колунан эмнелер гана келбейт. Кыргыз паспортун алып, окшоштуруп жасоо аларга кыйынчылык жаратпайт. Ал эми аларды коштоп жүрдү делген төрт кыргыз жараны боюнча маалымат изилденип жатат. Эгерде алардын тиешеси бар болсо, алар жоопко тартылат. Биз келечекте биометрикалык паспортко өтөлү деп жатабыз. Анткени ал коопсуз паспорт болуп эсептелинет, – деди ал.

Эске салсак, Түркияга учуп келген уйгурлар аэропортто төрт кишиден жасалма паспортторду жана Сауд Аравияга учак билеттерин алышкан. "Уйгурлар ар бир жасалма паспорт үчүн 2 500 евро жана билеттер үчүн 300 доллардан төлөшкөн" деп кабарлайт Hurriyet маалымат булагы.




## «Ажыбадем» клиникасы рак оорулуу балдарга жардам берет

«Жардамдашуу оңой» коомдук фонду менен Түркиянын «Ажыбадем» клиникасынын ортосунда кызматташтык меморандумуна кол коюлду. Ага ылайык Түркиянын онколог-дарыгерлери кыргызстандык балдардын дартын аныктоодо жана дарылоодо көмөк көрсөтүшөт. Ошондой эле балдардын онкологиясы, гематологиясы жаатында адистешкен дарыгерлер менен медайымдар Түркияга барып кесиптик деңгээлин көтөргөнгө да шарттарды түзүп беришмей болгонун «Жардамдашуу оңой» фондунун жетекчиси Динара Аляева билдирди.

Эскерте кетсек, «Ажыбадем» клиникасынын эки дарыгери 16-17-май күндөрү Бишкекке келип, онкологиялык оорулуу балдарды акысыз текшеришкен. Жетимишке чукул баланы карап, бишкектик дарыгерлерге акысыз конференция өткөрүшкөн.




БАШКЫ РЕДАКТОРДОН

## Генералдарды тойгузган «Элдик парламент»

"Элдик парламент" деген оор ат менен чыгып алып, кайра эл айткандай "атын көтөрө албай" калды окшойт. Баарынан дагы бул саясий топтун жетекчилери бир-эки жыйын өткөрүп, журналисттерди чакырганын чакырып алып, бирок бир да суроо бердирбей койгону кызык. Анын ортосунда артында башка өлкөнүн "генералдары" бар деген имиштер да тарап кетти. Кыскасы бул "парламенттегилер" бийликке келсе, мээни оорутуп отурбай алардын айтканын эле кылып калчудайбыз.

Чынында, кээ бирибизге баш иштетип кыйналбай, кимдир бирөөнүн башкаруусунда болуу да майдай жагары белгилүү. Төрт тарабыбызга көз чаптырсак, баары эле ошондой башкарылып жаткансыйт. Түндүктү карасак, демократиялык башкаруу Түндүк уюлунун нары жагындагы Канадада бар. Түштүктү карасак Инд мухитиндеги дельфиндерде демократия бар бекен? Чыгышта Жапония жайгашкан бирин-серин аралдар. Батышта Евробиримдикке кирген Польша менен Венгрияда Сириядан качкан мигранттарга каршы чыккан улутчулдардын желектери желбирей баштады. Чын эле биздин "демократия аралыбызды" батыштын күчтүү демократияларынан терең авторитаризм мухити бөлүп турган сыяктуу. Балким, "орто" Азиябызда демократия деген элдик башкарууну орнотобуз дебей эле, эл катары "Элдик парламенттин" башкармаларына баш ийип берсек кандай болот деген ой басат.

Эми генералдарыбызга кайталы. «Элдик парламент» деген топтун тегерегинде айтылып келген орусиялык генералдар тууралуу өкмөттүн өзүн атагысы келбеген кызматкери төмөнкү ойлору менен бөлүштү. Анын айтымында «Жогорку Нарын каскады» ишканасынын тегеретесинде бир топ каражат желген. Бул май-талканга Орусиянын атайын кызматынын арам кекиртек генералдары да катышкан экен. Ошолор биздин бийликке «жабылуу аяк жабылуу бойдон калсын» деп кайрылышкан. Бирок башка бирөөнүн карызын мойнуна алгысы келбеген биздин аткаминерлер макул болушкан эмес. Натыйжада орусиялык шылуундар кыргыздын чөөттөгү суудай көөлгүп бараткан, саясий жаназасы небак окулган экс-саясатчыларынын колтугуна суу бүрккөн. Ошону менен орусиялыктардын куру убадасына алдана калган немелер чыга калып, «Элдик парламент» деген кылмыштуу топту түзүп, 17-майда Президентибизди кетирebиз деп чыгышкан экен.

Демек, биздин бийлик менен Орусиялык бийликтин ортосунда чатак жок. Ошондуктан «ойт» дегенде эле «бир боор эненин» этегинин алдына кире качканды жакшы көргөн экссаясатчылар ар уурунун оозун тиктеп, бийлик талашкандан көрө, Кудай деп аркы дүйнөдөгү суракка даярданса жакшы болмок.

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги каттоолуу номери - 1925

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жооптуу редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 6500**
**Буйрутма № 1156**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

САРЕСЕП

# Өз эмгегиңе өзүң чуркайсың



**Дүйнө жүзүндө жылына 3 миллион жаңы ачылыш болот. Алардын 20 пайызы иш жүзүнө ашса, калгандары кагаз бетинде калат. Кыргызстанда жылына 2 миңге чукул жаңы ойлоп табуу болсо, булардын 1 пайызы гана товарга айланып, рынокко чыгат. Бул маселенин себебин билүү үчүн айтылуу көйгөйдү көтөрүп чыккан** Кыргыз улуттук агрардык университетинин профессору, техника илимдеринин доктору Сман Осмонов **агайга кайрылдык:**

– Мен ойлоп табуучулук менен 1988-жылдан бери иштеп келем. Өзүмдүн ойлоп табууларымдын ишке ашкандарын эсептеп көрсөм, 1 пайызга дагы жетпейт экен. Кыргызстан боюнча бул көрсөткүч 1 пайыздан дагы төмөн, жарымы десек болот. Эгер биз ойлоп таап жаткан нерселерибиз бир пайызга жетсе, анда биздин мамлекеттин экономикасы үчүн чоң нерсе болмок. Мен өзүм жогорку окуу жайларында мугалим болгондуктан балдарды ойлоп табууга кызыктыруу менен шыктандырып, аларды өрчүтүп келе жатам. Менин максатым жаңагы пайызды жок дегенде 2-3 пайызга жеткирүү. Себеби салыштырмалуу айтсам, өнүккөн мамлекеттерде, алсак, АКШ, Япония, Германияларда бул пайыз 70ке чейин жетсе, Кытайда 30, Орусияда 7 пайыз болуп калды. Ушундан улам биз да катуу киришип пайызды көбөйтүп алсак жакшы болмок. Ойлоп табуу деген бул дүйнөлүк масштабдагы нерсе болгондуктан көп ишти талап кылат. Азыр бизди колдоп жаткандардан кыргыз патенттин эмгеги зор десем болот. Ойлоп табуучулук менен алектенбеген киши, бир нерсени жаратып коюу оңой эле ишке ашып кетет деп ойлойт. Бирок бул нерселер үчүн убакыт жана каражат керек болуп жатат. Мамлекет бизге жардамын мыйзам жагынан берип жатат. Эч бир колдоо көрсөткөн жок дегенден алысмын. Мына жакында ойлоп табуучулардын эмгегин көрсөтө турган көргөзмө уюшулганы жатат. Бул жерден адамдар келип, кандай өзгөчө нерселер бар экенин көрүшсө болот. Ал эми каражат табуу жагынан өзүбүз чуркоого туура келет. Мына Айыл-чарба жана мелиорация министрлигине кайрылсам, акча жоктон башка эс нерсе айтпайт. Бул жерде өзүңдүн ойлоп тапканыңды өзүң ишке ашырышың керек.

# Жоопкерчиликти премьер-министр алышы керек



**Бакандай энергетика министрлиги түп тамыры менен жоюлуп, ордуна улуттук энергохолдинг компаниясы түзүлгөнү менен алиге депутаттардын колдоосуна арзыбай турат. Бир пикирге келе албаган депутаттардан улам, парламентте кызыл чеке талаш жаралууда. "Негизи энергетика тармагындагы жоопкерчиликти 27 кишиден турган чакан холдингге жүктөп койгон туурабы? Мурдагы министрликти кайра калыптандыруу аракетин көрүп жаткан депутаттарга сиз дагы кошуласызбы?" деген суроо менен** Ата-мекен фракциясынын лидери Өмүрбек Текебаевге **кайрылып төмөндөгүдөй жооп алдык:**

– Энергетика тармагы Кыргызстандын улуттук байлыгы жана өлкөнүн экономикалык коопсуздугунун кепилдиги. Бул тармакты сактап калуу бүтүндөй кыргыз экономикасын сактап калганга барабар. Эгер суу ресурсун туура пайдалансак, Нарын дарыясы эле Кыргызстанды электр энергия менен толук камсыздап коймок. Бирок азыр аталган тармактын чыгашасы 10 млрд. сомго теңелип, банкрот алдында турат. Тармак эптеп өлбө жаным өлбө деп иштеп келе жатат. Өткөндө радиодон угуп калдым. Депутат Рыскелди Момбеков күрүлдөп холдингдин жетекчиси Айбек Калиевди коркутуп жатат. "Жоопкерчиликти толугу менен мойнуңа аласыңбы, же албайсыңбы?" дейт ал. Анда Калиев: "Эгер өкмөт менен парламент колдосо мойнума алам" деп жооп кайтарды. Калиев туура айтты. Анткени бул абдан чоң жоопкерчилик. Энергетика тармагы да чаташкан чоң тармак. Бул жерге дүйнөлүк институт керек. Мен айтар элем, бардык жоопкерчиликти премьер-министр алышы керек. Конституцияда дагы ушундай жазылган. Аны бир эле Калиевдин мойнуна илип койгонубуз туура эмес. Бул жерде жоопкерчиликти премьер-министр өзү толугу менен мойнуна алып, Калиев анын кол алдында, көзөмөлүндө болушу керек. Энергетика тармагын реанимация кылуу бул өкмөттүн программасынын негизин түзүшү зарыл. Өткөндө өкмөттүн программасы менен тааныштык. Анда энергетика тармагын өнүктүрүү жана реформалоону камтыган жарыттарлык программасы жок экенин көрдүк. Өкмөт башчы парламентке келип энергетика тармагын өнүктүрүү жана реформалоо боюнча программасы менен тааныштырмайынча, мен бул долбоорду колдобойм.

# «Демократиядан кайтпайбыз»



**Өткөн жана бул жумада бийлик тараптын да, бейөкмөт уюмдарынын жетекчилеринин да итатайы тутулуп, бири-бирине катуу сындарды айтышты. Эки тараптын тең Кыргызстандын келечеги үчүн күйүп жатканы анык. Баарысы кыргыз эли заалым башкарууга чыдап бербешине көзү жетип турат. «2005 жана 2010-жылдары баскан опурталдуу жолго түшүп калбоо үчүн эмне кылыш керек?» – деген суроо менен** «Демократ» партиясынын лидери Эсен Момункуловго **кайрылдык.**

– Кыргызстан демократиялык жолдон кайтып, бир адам же бир топ башкарып калуу жолуна түшүп кетет деп коркпоо керек. Дүйнөнүн бардык жеринде көз-карандысыз саясат жүргүзүп кеткен көп эле өлкө бар. Сингапур, Түштүк Корея, Жапонияны мисал кылсак болот. Жакынкы тарыхтагы биздин шарттарга жакын болгон Монголияны карап көрсөк болот. Бул өлкө дүйнөнүн эң күчтүү улутчул авторитардык башкаруусунун алдындагы Кытай менен Орусия тарабынан жылчыксыз оролгон. Бирок Совет Биримдиги тараары менен базар экономикасына негизделген демократиялык башкаруу жолун тандап алганын ачык билдирген. Көп векторлуу тышкы саясат жүргүзөрүн ачык эле жарыялап, ар тарапка кылчактабастан кыялдарына карай чечкиндүү кадамдарды тыштаган. Азыр Монголиянын сыртынан тон бычам деген эч ким жок. Кыргызстандын аксаганы да ушунда. Коңшуларыбызга: "Биздин эл эч качан хандык башкарууну көтөрө алган эмес, биз базар экономикасына негизделген демократиялык башкарууну тандап алдык. Бул жолдон кайтпайбыз", – деп айтсак эч ким буга каршы эмес. Президентибиз ошол эле Өзбекстан менен бирге ГЭСтерди куралы деген оюн айткан, бирок анын оюн эч ким ишке ашырайын деп аракет кылган жок. Базар экономикасы – бардык пайдалуу тарап менен соода алакасын сактап калуу, демократия –илим-билими жана аң-сезими жогору элди кеңешип башкаруу дегендик. Бул принциптер жок эле дегенде 2030-жылга чейин каралган стратегиябызга жазылуусу керек. Бул стратегияга ылайык, радикалдуу структуралык реформаларды ишке ашырууга болот. Глобалдашуу жолуна түшкөн доорго жараша алгалаган өлкө гана тең салмактуулугун сактай алат. Эгер мындай ыкчам өзгөрүүлөргө кадам шилтебесек, өлкөнү олку-солку кылам деген топтор биринин артынан бири чыга берет.

# Борбордук Азиядагы эң ири аэропорттун бири



**Быйыл 4-май күнү «Манас» аэропортунун 41 жылдыгы өттү. Ушундан улам аэропорттун буга чейинки тарыхы жана бүгүнкү күндөгү абалы менен таанышып, кандай өнүгүү болуп жатканы тууралуу** "Манас" Эл аралык аэропортунун аймактык аэропортторду өнүктүрүү жана долбоорлорду башкаруу дирекциясынын директору Абдималик Бусурманкуловдон **маалымат алдык.**

– Бул аба майданы 1974-жылы Ил-62 үлгүсүндөгү биринчи учакты кабыл алган. Учактын жүргүнчүсү болуп СССР министрлер кеңешинин төрагасы Н.Косыгин учуп келген. Ошол учурдан бери жүргүнчүлөрдү тейлөө жагынан татыктуу иштерди кылышууда. Бирок кемчиликтер дагы бар. Ал эми союз кулагандан бери Жапондон ири насыя бөлүнгөн. Азыркы учурда аэропорттун өзүнөн түшкөн каражат менен акырындан каржылоо иштерин жүргүзүп, аэропортторду өнүктүрүү иш чаралары болууда. Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан кийин борбордук аэропортто ар тараптуу рейстер ачылды. Мурда токтоп турган каттамдар ишке киргизилген.

Жылдан-жылга жүргүнчүлөрдүн саны көбөйүп жатат. 2015-жылдын жыйынтыгы боюнча жалпы акционердик коом 3 млндон ашык жүргүнчүнү тейледи. Ошондой эле, "Манас" аэропортунун потенциалы чоң болуп, Борбордук Азиядагы эң ири аэропорттордун катарына кирет.

Албетте, биздин ишке да ар кандай сын-пикирлер айтылууда. Биз аларды жоюу үчүн атайын иш пландардын үстүндө иштеп жатабыз. Мисалы мурда эл аралык каттамдар жок болчу. Бир гана ички каттамдар бар эле. Бүгүнкү күнү аэропорттун потенциалын көтөрүүнү аракет кылып, бажы, чек ара кызматкерлери менен бирге иш алып барып жатабыз.

Негизинен биз көптөгөн авиакомпанияларды тейлеп акча табабыз. Канчалык авиакомпания көп болсо, ошончолук жакшы. Биз буга чейин сунушталган "Ачык асман" долбооруна деле каршы эмеспиз. Бирок, бул долбоордун ишке киргүүсүнөн жергиликтүү авиакомпаниялар кооптонуп жатат. Эгерде "Ачык асман" саясатын киргизсек, чет жактан күчтүү авиакомпаниялар келип, биздикилер туруштук бере албай калат. Кыргызстандын авиациялык бизнесин башкалар басып алат деген коркунуч жаралат. Бул долбоор өкмөттө, Унаа жана байланыш министрлигинде да талкууланган.

# ЭКОНОМИКС

Ишканалар өндүрүмүн же кызматын эмнеге өз баасынан төмөн сата алат жана адамдар эмнеге суудан көрө алмазды сатып алгысы келерин маржиналдык категориялар менен ой жүгүрткөндө гана түшүнө алабыз

*(уландысы)*

### 2-эреже: Алынган нерсе - баш тартылган башка нерсенин баасы

Акыл эстүү адам бир нерсени алам дегенде сөзсүз анын ордуна тандоого мүмкүн болгон башка нерсенин чыгымдары менен пайдалуу жактарын баамдап көрүүсү керек. Бирок көп учурда мындай альтернативанын айырмасы ачык көрүнбөйт.

Окууга өтөм деген жигиттин аракеттерин мисалга алалы. Окуса интеллектуалдык жактан байып жакшы жумуш табууга мүмкүндүгү бар. Мунун чыгымдары кандай? Ал окууга, китептерге, жатаканага жана тамак-ашка белгилүү өлчөмдө каражат коротот. Булар бир нече жыл университетте окуу үчүн коротулчу көзгө анык көрүнүп турган чыгашалар гана. Жигитибиз "ашыкча" билимдин кереги жок десе деле тамактанып, бир жерге баш калкалашы керек. Андыктан университетте окуган учурдагы тамак-аш менен жатакананын баасы окубаган кездеги ошол эле чыгымдан жогору болсо, ортодогу айырманы ашыкча чыгым десе болот. Чындап келгенде, университетте окуганда иштеген учурга караганда бул эки чыгым азыраак болот. Демек тамак-аш менен жатаканага кеткен чыгымдын азаюусун университетке өтүүнүн артыкчылыгы катары карасак болот.

Чыгымдарды эсептегенде, көп учурда эң негизги каражат болгон студенттин убактысы эсепке кирбей калат. Ал жыл бою лекцияларга катышып, сааттап китепканада отурса, түнү менен курстук иштерин жазса, иштегенге чолосу тийбейт. Ошондуктан университетте окуган учурда иштеп таба албай калган акчалар студенттин эң негизги чыгымы болуп эсептелет.

Каалаганыңа жетүү үчүн баш тарткан нерселер – альтернативдүү чыгымдар, же колдон чыккан мүмкүнчүлүктөрдүн чыгымдары деп айтылат. Кандай чечим кабыл алынбасын, аныбыз менен башка мүмкүнчүлүктөрдү колдон чыгарганыбызды ойлой жүрүшүбүз керек. Бул турмуш чындыгы. Айрыкча, университетте окуп жаткан спортсмендер мындай абалга көп кабылышат. Анткени баралына толуп турган кезинде алар бул убактысын миллиондогон доллар табууга коротсо болот. Ошондуктан спортко баш-оту менен киргендердин кетирген убактысын университет актабайт дешет.

### 3-эреже: Саресеп адамдар маржиналдык өзгөрүүлөрдүн терминдери менен ойлонушат

Күнүмдүк турмуштагы тандоону кара же ак түскө ажыратып баалоо кыйын. Алар көбүнчөсүн түрдүү түстөгү элестер сыяктуу көрүнөт. Мисалы тамакка отурганда сиз эч нерсе жебей коюу менен казандын түбүнө жетүүнүн ортосунда эмес, дагы бир-эки кашык жесемби деп тандайсыз. Сессия убагындагы студент да экзаменге даярданбай баруу менен 24 саат даярданууну ортосунда эмес, алдыдагы бир сааты кайталоого жумшасамбы же интернеттен бир нерсе көрсөмбү деп ойлонот. Жашоодогу чечимдердин көбү түзүлгөн планга бир аз өзгөртүү киргизүүдөн турат. Муну экономисттер маржиналдык өзгөртүү деп аташкан. Маржиналдык өзгөртүүлөр бар нерсени бир аз гана тууралоо экенин эч качан эстен чыгарбоо керек. Саресеп адамдар маржиналдык чыгым жана маржиналдык пайдаларды салыштырып чечим кабыл алышат.

Адамдар маржиналдык терминдерди колдонуп ойлонушса, көп учурда жакшыраак чечим кабыл алышат. Мисалы сиз досуңуздан канча жыл окусам деп кеңеш сурап жатасыз. Эгер ал доктурлук даражасы бар адам менен бир да кесиби жок адамды салыштырса туура чечим кабыл алуусу оор. Балким сиз бир нече жыл университетте окудуңуз. Эми окууңузду улантууга каражат жок сыяктуу. Ошондуктан бакалавр болгондон кийин окууну улантуу керекпи, же жокпу деген тандоону кеңешкиңиз келет. Бул эки альтернативанын бирин тандоо үчүн дагы бир жыл окуу сизге кандай пайдаларды алып келерин билүүңүз керек. Мисалы өмүрдүн аягына чейин жогорураак маяна алуу жана илимий изилдөө кылуу рахаты. Ошол эле учурда дагы бир жыл окууга төлөө жана бул мөөнөт иштебегендиктен колго тийбей калган маяна же кирешени да эстен чыгарбооңуз керек. Бул сыяктуу маржиналдык пайда менен маржиналдык чыгымдарды салыштырып, дагы бир жыл окушуңуз керектигин же керек эместигин чечесиз.

### 500дүктү 300көсаткан пайда

Ишкананын маржиналдык тандоосу катары учак компаниясын мисалга алалы. Учак учарга аз калганда бош калган орундарды канчага сатып жиберсе болот? Мисалы 200 орундук учак лайнеринин Бишкектен Лондонго учуусу 100 000 евро турат дейли. Демек 100 000 €ну 200 орунга бөлсөк, ар бир орун 500 €дон айланат. Сырттан караган адам учак компаниясы орунду мындан арзан сатпайт деп ойлошу мүмкүн.

Бирок бул акыбалга маржиналдык өзгөрүүлөрдү эске алса, компания кирешесин көбөйтө алат. Учакта 10 орун калды дейли. Кассанын оозунда 300 €су гана бар жүргүнчү күтүп турат. Учак компаниясы ага орун сатуусу керекпи? Албетте! Эгер учакта бош орундар бар болсо бул жүргүнчүнү Лондонго жеткирүүгө аз эле каражат кетет. Кирешеси кошулбай эсептелген орундун орто баасы 500 € болгону менен, бош орунда учуп кеткен жүргүнчү учак компаниясына жеген тамагынын баасындай эле чыгым алып келет. Жүргүнчү маржиналдык чыгымды жапкыдай акча төлөй алса, аны ала кетүү учак компаниясына киреше болот.

Жогорудагы мисалдагыдай эле жеке адам да, ишкана да маржиналдык өзгөрүү терминдери менен ой жүгүртсө жакшыраак чечим чыгара алат. Маржиналдык пайдалар маржиналдык чыгымдарды жапкан учурда гана саресеп чечим кабыл алынып, туура натыйжа берет. Ишканалар өндүрүмүн же кызматын эмнеге өз баасынан төмөн сата алат жана адамдар эмнеге суудан көрө алмазды сатып алгысы келерин ушундай ой жүгүрткөндө гана түшүнө алабыз. Маржиналдык өзгөрүүлөрдү эске алып чечим чыгаруу жөндөмүнө ээ болуу бир топ убакытты талап кылуусу мүмкүн. Экономиксти өздөштүрө берсек мындай ой жүгүртүүнү тез калыптап алабыз.

Н.Мэнкью жана М.Тейлордун
«Экономикс» китебинен

---

# Алты мектепке тыгылган кыргыз тил

Бишкекте 6 гана мектеп кыргыз тилдүү. Бул туурасында парламенттеги "Өнүгүү-Прогресс" фракциясынын 13-майдагы жыйынында билим берүү министри Элвира Сариева билдирди

### Болгону 6 мектеп

Анын айтуусунда, баш калаада жалпысынан муниципалдык 100 мектеп болсо, анын алтоосу мамлекеттик тилде сабак өтөт. Калгандары орус тилинде окутулат. Министр кошумчалагандай, борбордо мындан сырткары, 47 жеке мектеп бар. Мамлекеттик мектептердин алтоосунда гана кыргызча окутулса, жеке менчик билим уялары албетте, орус же англис тилдеринде экени белгилүү. Ал эми өлкө боюнча жалпысынан 2200дөн ашык жалпы билим берүү мекемеси бар. Анын 1443ү кыргыз тилинде окутат.

Эсептөөлөр боюнча Бишкекте 840 миңге жакын калк жашайт. Жашоочулардын 60 пайызын титулдук улут саналган кыргыздар түзөт. Ички миграциянын өскөнүнөн улам борбордо жашагандардын саны расмий эсептөөлөрдөн эки эсеге көп экени айтылып келет. Ошентип миллиондон ашык эл жашаган Бишкекте болгону 6 мектептин кыргыз тилинде окутулуусун "Уят көрүнүш жана мамлекеттик тилге кайдыгер мамиле", – деди эл өкүлү Зиядин Жамалдинов. Ал баласын мектепке киргизүүдө мамлекеттик тилде окуткан мектепти таппай кыйналганын айтты. Кыргыз тилдүү мектепти таппай депутат кыйналган болсо карапайым элдин абалы кандай экенин өзүңүз элестете бериңиз.

### 11 жыл окуса да кыргызча билбейт

Министр Элвира Сариева Бишкекте кыргыз тилиндеги эле эмес, жалпы эле мектептер жетишсиз экенин айтты. Анын белгилөөсүндө, стандарт боюнча борборго азыркы күндө дагы 16 мектеп керек. Окуучунун көптүгү менен мектеп аздыгынан класстарга балдар араң батышат, же кошумча класстар ачылып, билим берүүгө болушунча аракет кылынып жатат.

Чынында, кыргыз мектептеринин аздыгы мамлекеттик тил жалпы билим берүү мекемелеринде окутулбайт дегенди түшүндүрбөйт. Ар бир мектеп билим берүү министрлиги бекиткен программанын негизинде кыргыз, орус, англис тилдерин окутат. "Президент көп тилдүү мектеп программасын бекиткен. Ага ылайык, ар бир мектеп кыргыз, орус жана англис тилинде бирдей окуткан мектеп болот. Бул боюнча атайын программа кабыл алынды. Быйылкы жылдын сентябрынан баштап пилоттук долбоор катары 36 мектепте ал программа окутууга киргизилет", – деди Сариева.

Анткени менен сапатка көңүл бурган эл өкүлү Абдумежит Юсуров "Орус тилдүү мектепти бүтүргөндөргө 11 жыл бою кыргыз тил сабагы окутулганы менен алар кыргызчаны таптакыр билбейт, түшүнбөйт. Мисалы, Чүй




облусунун Москва районунун бүтүрүүчүлөрүн жөн эле текшерип, сурап көргүлөчү", – деди.

Буга жооп кылып Сариева: "2017-жылдан тарта балдар кыргыз, орус, англис тилдерин билбесе жоопкерчиликти мектеп директорлору тартат", – деди.

КӨЙГӨЙ

### Агартуучулук - улуу милдет

Түрдүү программалар кирип, реформа жасайбыз деген менен анын натыйжасы жакшы болбой жатканы белгилүү. Соңку жыйырма жылда өзгөчө айылдардагы мектептерде билимдин сапаты өтө төмөндөдү. Тил билүү мындай турсун, туура жазганды, жөнөкөй математикалык эрежелерди билишпейт. Сапаттуу билим берүүчү мугалимдер да аз. Адискөй окутуучулардын жоктугун айлык акынын аздыгына байланыштырып келишет. Ушул жерде жакында эле Финляндиянын өнүгүү жолу тууралуу жазылган китепти окуп, андагы агартуучунун, элдин сабатын жойгон инсандын айтканы эске түштү.

Финляндиянын атактуу философу жана саясатчысы Жохан Вилгельм Снелман бир убакта Орусия жана Швеция тарабынан басып алуу коркунучунда турган Финдер "айланадагы зор коңшулардан жогору маданиятка ээ болсо гана жеңишке жетебиз. Жогору маданиятка ээ болуу үчүн калктын билими бийик болушу керек" деп өмүрүнүн акырына чейин элдин сабаттуулугун жоюуга шакирттери менен күрөшкөн.

Агартуучу деген чоң жоопкерчилик, адамдын аң-сезимин өзгөртүүчү инсан. Айлыктын аздыгын шылтоо кылып, өз кесибин сүйүп, балдарга жакшы билим бере албаса ордун башка жактан издебейби?! Жоопкерчиликсиз мамиледен улам балдар убактысын, ата-эне акчасын текке кетирүүдө. Жыйынтыгында, жалпы өлкөдө сабатсыздардын чоң армиясы пайда болду. Бул мамлекеттин келечеги үчүн чоң өкүнүч.

БУРУЛАЙ ПУСУРМАНКУЛОВА

# Миллион жеген кутулуп, миң сом жеген тутулганда...

**Түрмөлөргө кылмышкер батпай, мамлекет аларды камсыздаганга кудурети жетпей калганда, жыл сайын кылмышкерлерге ырайым көрсөтүлүп, мунапыс жарыяланып турат. Бирок кээде мындай мүмкүнчүлүктү мамлекетке миллиондогон суммада залал келтирген колу туткак арам тамактар менен адам өлтүрүп, кыз намысын булгагандар да өз пайдасына илип кетип жатат**



Жакында эле мурдагы мэр Нариман Түлеев да абактан бошотулду. Түлеевдин түрмөгө түшүшү чуу менен башталып, чыгышы да чуу менен коштолду окшойт. Өзүнүн айтымында миллиондорду сапырып, миллиарддарды жымыргандардын арасынан мөөнөтүн да өтөп, айыбын да төлөп, анан калса, эң эле узак отурганы ушу Түлеев болуптур.

## Түлеев башкалардан агыраак

Ал убагында мамлекет казынасына 1 млн. 400 миң доллар чыгаша келтирген деп камакта жаткан болчу. Айтсак, "Локомотив" стадионунун, "Дыйкан" базарынын, Түштүк магистраль жолунун курулушунда жана дагы Бишкектик МАИчилерге арналган 25 автоунааны сатып алаардагы тендерде бир канча миллион жашылбайлар сол чөнтөккө кеткенин тергөөчүлөр жакшы эле эсептеп, тактамыш болушкан. Бирок акыр аягы минтип казынага 60 млн. сом айып төлөп эркиндикке чыгып отурат.

Эдил Байсаловдун айтымында бийлик Түлеевди камоо менен башкаларга сабак көрсөткүсү келген. Бирок, аны көргөн депутаттар элдин таламын талашкандын ордуна, балык депутатка айланган.

– Негизи ал киши башынан эле мыйзамды одоно бузуу менен камалган. Депутат катары соттолбошу керек эле. Мына так ошол Түлеев камалгандан бери бардык депутаттар унчукпай, элдин таламын талашпай, бир добуштан колдоп келатышат. Бул элдин кызыкчылыгы үчүн эмес, биз шайлаган депутаттарды бийлик коркутуп койду.

## 61 млн. сом таламайга түшөбү



Анткени менен Түлеев төлөгөн 61 млн. сом кайсы тармакка түшүп жатканы али белгисиз. Жалпылай эле мамлекеттин эсебине өткөрүлүп берилди делгени менен кайсы мамлекеттик органга которулганы ачык айтылган жок. **Коомдук ишмер жана укук коргоочу Динара Ошурахунова** бул акчалар дагы мамлекеттин капчыгына түшпөй орто жолдон таланып-туланып кетеби деп коркот.

– Чынында, мен канча жылдан бери жегенин-жегендей төлөгөн учурду биринчи жолу угуп жатам. Анан Түлеев төлөгөн 61 млн. сом кайсы мамлекеттик органга түшүп атканы белгисиз. Булар айтышпай жатпайбы. Же бюджетке түшөбү, же финансы министрлигине өткөрүлөбү, белгисиз. Мисалы Наримандын мүлкүн чукуп жүргөндөр бир канча бөлүгүн өздөрү алып алышы мүмкүн. Андай учурлар болуп эле жүргөн.

## Үй уурдап тогуз жылга кесилген

Негизи жаза өтөп жаткандардын 35 пайызы мунапыс алууга мүмкүнчүлүгү бар.

Мисалы:

- Жашы жете электе кылмышка алгачкы жолу барып, эркинен 5 жылга чейин ажырагандарды;
- 55 жаштан ашкан аялдар жана 60тан ашкан эркектерди;
- 1-2-топтогу майыптарды;
- Боюнда болуп, түрмөдө көз жарган аялдарды;
- Бир үй-бүлөнүн жалгыз багар-көрөрү жана майып балдары болгондорду сот жазасын толугу менен жоюшу же жазасын жеңилдетиши мүмкүн.

Жаза аткаруу мамлекеттик кызматтын берген маалыматына ылайык, 2015-жылы соттун токтому менен учётто турган 476 жарандан мунапыс белгиленген. Алардын ичинен 99 аял жана жашы жете элек 18 өспүрүм эркиндикке чыккан. Ал эми калгандарынын жаза өтөө мөөнөтү кыскарган.

Бирок мунапыска оңой-олтоң эле ээ болуш кыйын. Мыйзамга таянуу менен соттун кечиримин сурап, эшик каккылап жүргөн эне-аталар арбын. Алардын бири Абдырасул ата. Баласы мал уурдап, 9 жылга кесилген. Артында кенедей эки баласы калган. Келини да балдарын таштап кетип калган. Карыя кемпири экөөнүн бала баккanга алы жок. Жетимишке таяп калган ата 2 жарым жылдан бери чуркап жүрүп таманы тешилгенин мындайча баяндап берди.

– Үйдү кыймылдаткан жалгыз ошо балам эле да. Баарыбыз ошонун колун карап отурчубуз. Башка балдарым деле жок. Балам 2013-жылы үй уурдай коём деп кесилип кеткен. Сот артында жаш балдары калып, үйдүн жалгыз багар-көрөрү болгондон кийин кечирим болорун айткан. Андан бери үч жыл өтүп, мөөнөтү дагы бүтүп баратат. Минтип карыганда кемпирим экөөбүздүн болгон түйшүгүбүз ушу болду. Мунун дагы кулагы укпайт. Президентке чейин кат жазганбыз. Билбейм окудубу, окуган жокпу?

Абдырасул атага "Баланды чыгарып беребиз. 1500, 2000 доллар бер" дешкен. Бирок атада андай акча болгон эмес.

– 2000 доллар сурашты да. Акчам болсо берип эле тындырат элем буларды. Бирок андай акча кайдан. Өзүбүз эптеп бир нанды 2 күн жеп жашап жатканда, – дейт ал.

## Миллион жеген кутулат, миң сом жеген тутулат

Өзгөчө сот бийлиги Батукаев өңдөнгөн крим дүйнөнүн төбөлдөрүнө, мамлекеттин акчасына беш манжасын тыккан жемкорлорго келгенде ырайымын айбаганы көрүнүп турат. Ушундан улам төок уурдагандар тутулуп, топон акчаны сапыргандар кутулуп кетишүүдө. **Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын мурдагы судьясы Клара Сооронкулованын** айтымында акчалуулар гана абактан чыгып кетип атканы соттордун беделине доо кетирип жатат.

– Өзүбүз көрүп жүрөбүз. Сот чечим чыгараарда акчалуулардын тагдырын жеңилдетип, акчасы жокторго көз жумгандай чечим чыгарып берип атат. Бул биздин коомдо көнүмүш адат болуп калгандай.



Бирок ушул жерден айта турган нерсе бар. Негизи, дүйнө практикасында экономикалык кылмыштар үчүн эркинен ажыратпайт. Эгер келтирген залалдын ордун толуктап, кылган күнөөсү үчүн дагы кандайдыр бир компенсация төлөп бере турган болсо, бошонуп кетет.

Клара айымдын айтымында кой уурдап көп жылга кесилгендер мыйзамдын туура эместигинен келип чыгууда. Анткени жазык кодексинде жеңил кылмыштар үчүн татаал санкциялар көрсөтүлүп калган.

– Жазык кодексинде өтө татаал санкциялар көрсөтүлүп калган. Учурда Жазык кодекси жана жоруктар кодекси деген жаңы долбоор киргизилип атат. Ошол долбоордун алкагында оңдолушу керек, – деди ал.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



**Коомдук ишмер Эдиль Байсалов** Түлеевди башкаларга караганда ак деп эсептейт. Анткени ал 60 млн. болсо да мамлекетке төгүп отурат. Анын пикиринде мамлекетке эмес соттордун жана бийликтеги бир ууч адамдардын жеке капчыгына бир аз акча салып коюп чыгып кеткендер арбын. Укук коргоо органдары мындай системага машыгып бүткөн. Атайы камоо, анан акча өндүрүү алар үчүн көнүмүш адат. Бирок Наримандын антишине негедир жол бербептир. Балким популист болгусу келген го...

– Эми кандай болгон күндө дагы, Түлеев өзүнүн жазасын тартты. Күнөлүүбү, күнөөсүзбү, азыр ал киши башкалар менен салыштырмалуу агыраак. Бизде эмне үчүн Түлеев бошоп кетти деп айткандарга мен так ушундай жооп бере алам. Биздин өлкөдө рецидивист-киллерлер ээн эркин жүрүшөт. Мына Итибаев деген депутатты атып өлтүргөн криминал бир эмес, үч жолу бошотулуптур түрмөдөн. Ошолорго салыштырмалуу, Түлеев камалып, жазасын аткарды, айыбын төлөдү десек болот! Тилекке каршы, азыркы учурда укук коргоо органдары ОПГ-рекеттин, уюшулган кылмыштуу топтордун эле бир түрү болуп калды. Бизнесмен болобу, же чиновникпи, кандайдыр бир доомат коюп, ага кылмыш иш козгош керек дагы, акча өндүрүш керек. Мындай иштерде тергөөчү, прокурор, сот дегендер чогуу иштешет. Коррупция деп коюп, мамлекетти ушулардын колуна салып берип койдук. Ошондуктан акыркы 4-5 жылдын ичинде эч кандай өнүгүү жок! Так ошол тазалыкты орнотчу органдар эң коррупцияланган болуп атса таза мамлекет кантип орномок эле?! – дейт ал.




# Мугалим белексиз окутпайт

27-майда өтчү бүтүрүү кечесине саналуу гана убакыт калды. Бул майрамдын жакындашы ата-энелердин чөнтөгүн жукартып, мугалимдикин калыңдатат

## Ар бир майрам мугалим үчүн

Мектептерде жөнү жок акча чогултуу маселеси көп жылдан бери айтылып келет. Мугалимдердин үстүнөн арыз жазылып, бир канча кылмыш иштери козголгонуна карабай, айтылуу көйгөй курч бойдон калууда. Майрамдар, бүтүрүү кечелери жакындаган сайын окуучулардан акча талап кылмай башталат. Мыйзамдар тыюу салганына карабай, мугалимдерге жашыруун белек-бечкектер берилип, конверттер кыстарылат. Буга "Ата-энелер күнөөлүбү, же белек алмайын көңүлү көтөрүлбөгөн мугалимби" деген суроого бүгүнкүгө чейин жооп табылбай келет.

Расмий түрдө мугалимдер майрамын 5-октябрь күнү майрамдайбыз. Убагында бир жылда бир келчү бул майрамда эжей-агайларыбызга гүл, китеп же окуучулардын өз колунан жасалган куттуктоо катын берсек маңдайлары жарыла сүйүнүп, ыраазы болушар эле. Азыр болсо мындай белектерди мугалимдер тоготуп коюшпайт. Анан калса, жылына 8-март, жаңы жыл, туулган күн деп олтуруп бир мугалимди төрт беш жолу куттуктоого туура келет. Бир чети "Баламды жакшы окутса болду" деп акчасын кармата берип жүрүп жаман көндүргөн ата-энелердин өздөрү да күнөөкөр сыяктуу.

Быйыл кызым мектепти бүтүрөт. Ал кызыл аттестат менен аяктап жаткандыктан мугалимдеринин көңүлүн алып, сыйлоого бир топ акча чогултуп жатабыз деген Жайнагүл айым төмөнкүлөргө токтолду:

– Быйыл кызым 11-класста артыкчылык күбөлүгү менен бүтүрүүдө. Жакында эле ата-энелер чогулушу болуп, ал жерден канчадан чогултарыбыз айтылды. Бул жагы эле 7-8 миңди чапчыды. Экзамен алган мугалимдерге 2500 сомдон берүү каралды. Бул акчалар эмнеге жумшалат десек, кызыңыз кызылга кетип жаткандыктан анын ишин биз гана эмес, жогорку жактан дагы текшерет, анан алардын көңүлүн алыш керек дешти. Чынчынына келгенде күбөлүктү сатып алып жаткандай эле болуп жатабыз. Кызымдын өз мээнети акталган деле жок. Ушунча окуп келип бербей койсоң дагы баланын көңүлү сынып калат экен. Ата-энелер "Макул беребиз" дешти. Жалгыз мен бир нерсе деп койсом, кызыма көңүл бурбай коюшабы деп унчукпан жокмун. Чогулуштарда мектеп мүдүрү белек-бечекке акча чогултпайсыңар деген. Бирок баары бир ич арадан мугалимине деп 500 сомдон жыйнап жатабыз, – деди.

## Бизде мыйзамдар кагаз бетинде гана иштейт

Бизде ар кандай көйгөйлөргө мыйзамдар каралып чыкканы менен, алар көпчүлүк учурда кагаз бетинде калып, дээрлик иштебейт. Мугалимдердин белек, акча алуусу дагы дал ушундай. Үстүдө буга тыюу салган мыйзам бар, ал эми астыда иштер өз нугунда акырындап жүрө берет. Мектеп акысыз билим алуу булагы деп айтылганына карабай, окуучулардын чөнтөгүнөн ар кандай шылтоо менен акчалар алынат. Тамыры тереңге түшүп кеткен мугалимдин акча, же болбосо баалуу белек алуу маселесин чечүү көпчүлүктүн колунан келбей калды өңдөнөт. Бишкек шаарынын №5 Улуттук компьютердик гимназиясынын мүдүрү Мурат Жумалиев агай мектептеги бардык көйгөй ата-энеден башталып, мүдүрдөн көз каранды экенин айтат:

"Министрликтин сиздер айтып өткөн маселеге тыюу салган буйругун мен эки колдоп колдойм. Бул буйрутма чыгары менен мен өзүм бардык мугалимдеримди, өзгөчө 1,4,9,11-класстардын мугалимдерин тааныштырып, кол койдуруп алгам. Балекеттин баары биздин өзүбүздүн ата-энелерден башталат. Ата-энелердин уюшулган тобу келип: "Биз эмнеден кембиз, алиппе өткөрөбүз" деп чыгышат. Макул деп алиппе өткөрүлсө дагы бул иш-чара окуучулардын кызыкчылыгы үчүн эмес, ата-энелердин кызыкчылыгына, мугалимдерге белек берип өзүнчө майрамдоо болот. Экинчиден 4-классты бүтүп жатканда өзүнчө бир жогорку окуу жайын бүтүп жаткандай майрамдайбыз дешет. Ошон үчүн мен бул маселе үстүндө катуу иштедим. Мына былтыр биздин бүтүрүүчүлөр эч жакка барган жок. Мен эжекелер, байкелер, силер ушул бүтүрүү кечесинде ресторанга барасыңар. Анан ал жерден көйнөгүңөргө эле мактанып жатып 10 000 миң сом кетет. Тамак-аш, транспорт деп олтуруп эле 25000 сомго чыгат. Ал эми ушул акчаны балаңардын контрагына төлөп койсоңор болобу" десем ата-энелер макул болуп, кечелер токтотулду. Быйыл дагы бул салтыбыз менен бүтүрүү кечелеринде эч кандай отуруштар, белектер болбойт. Мугалимдерге эгер белек алып кармалып калсаңар, министрликтин буйругу менен жумуштан бошотуп жиберем дедим.

Бул жерден мугалимден дагы кетип калышы мүмкүн. Ошондуктан мен кураторлорго кичинекей белек үчүн көп жылдан бери чогулткан кадырыңарды түшүрүп коёсуңарбы деп айтсам, мугалимдердин баары макул болушту. Баардык жерде мага окшогон мүдүр бар. Эгер алар дагы мага окшоп талапты катуу койсо маселе чечилет. Ата-энелердин мектепке болгон жардамы белек эмес, кем карчысын оңдоп бергени болот," – деди мүдүр.

## "Мектебибизге терезелерди өзүбүз койгонбуз"

КРнын билим берүү жана илим министри Элвира Сариеванын атайын буйругуна ылайык, республикабыздын мектептеринде окуучулар менен ата-энелерден мажбурлап, же болбосо мыйзамсыз акча чогултуусуна бөгөт коюлган эле. Ошондой эле мектептерде мыйзам бузуулар катталса ата-энелер түз эле министрликке кабарлоого укуктуу. Анткени менен мамлекет тарабынан мектептерге бөлүнгөн оңдоп-түзөө каражаттары жетишсиз болгону бул маселени арбытат. Сырга, жаңы жазуу тактасына жана башкага деп олтуруп окуучулардан бир топ акча алынат. Бишкек шаарындагы мектептердин биринде 9-класста окуган Адеми мугалимибиз айткан акчаны алып барбасак кечке телефон чалып тажатат дейт:

– Биз жыл сайын милдеттүү түрдө күзөт кызматкерине, тазалоочу эжелерге, мектеп фондуна жана класс фондуна деп акча чогултабыз. Бирок жыл башында окууга келсек класста эч кандай өзгөрүү жок, үстүнөн сырдап эле коюшкан болот. Мектебибизде пластик терезелерди койгула деп мүдүр айткандыктан, ар бир класс өзүнүн терезелерин алмаштырган. Анан дагы эжебизди ар бир майрамда куттуктабасак: "Тиги мугалимге классы мындай белек алып бериптир, силер болсо мени сыйлабайсыңар" деп сабак өтпөй кечке айтып отурат. Негизи кары мугалимдер белек сурашат, – деди.

Ата-энелер белектерин өздөрү чын ниетинен алып келип жатышса кантип албай коёлу деген мугалимдер да жок эмес. Бирок бүгүн белегин көтөрүп келген адам, эртең сенин кызмат ордуңдан ажыратып саларын көбү ойлонуша беришпесе керек. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жетектөөчү адиси Гүлшан Абдылдаева бүгүнкү күнү мыйзамсыз акча алгандыгы үчүн 26 мугалим кызмат ордунан кеткендигин айтат:

– Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 172-буйругуна ылайык мугалимдерге акча чогултуу маселеси каралбасын деп тыюу салынган. Ал буйрукта акча жана башка белек чогултуу, окуучуларга моралдык жана психологиялык жактан кысым көрсөтүү фактылары аныкталса билим берүү жетекчилери жана класс жетекчилер кызматынан алынып, иши укук органдарына өткөрүлүп берилет. Бирок белек-бечкектерди ата-энелер өз каалоосу менен берип жаткандыктан, аны мугалимдер ала беришет. Аларга биз тыюу сала албайбыз. Эгер мугалимдин мыйзамсыз акча чогултуусу ата-энелер тарабынан аныкталса, бизге министрликке арыз менен түшсө, биз милдеттүү түрдө ИИМдин 5-бөлүмүнө тапшырабыз. Алар фактыны аныктап чыгышса, прокуратурага тапшырып, мугалим жумушунан алынат. Ушул күнгө чейинки окуу жылында жалпысынан 26 адам – мектеп мүдүрлөрү жана мугалимдер жумушунан ушул маселе боюнча бошотулган, – деди.

Мугалим мөмөлүү дарак деп бекеринен айтылбаса керек. Бирок шагындагы ар бир мөмөсүн сатып алып жаткан мугалимдердин арбышы көңүл чөктүрөт. Ушундан улам окуучусу менен белек үчүн достошкон мугалимдин барынан жогу жакшы болор беле деген ой да келет.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

# Акчасы жок акталбайт!

Биздин өлкөдөгү жазалоочу мыйзамдар жалаң гана карапайым калк үчүн жазылгандай. Акчалуулар сайрандап кылмыштын түрүн жасаса, алардын кесепетин кембагалдардын күнөөсүз балдары тартат

13-май күнү Бишкек шаардык сотунун алдында “Балдарыбыз жалган жалаа менен 14 жылга кесилип кетти” деп эки эне шолоктоп ыйлап, пикетке чыгышты. Сотторго 4 миң доллар бербей коюп, балдары ак жеринен 14 жылга кесилип кеткенин айтып, биздин соттор иштебейт деп наразы болушту.




## Кандай кылсаңар да мойнуна алдырасыңар

**Гүлсүн Турсуналиева** уулу Айткожо уулу Тимур жалган жалаа менен №1 абакта 2,5 жылдан бери күнөөсү жок отурганын айтып ызаланды: “Бирөөлөр №47 абактын жетекчисинин орун басарын 4 адам сабаганы Народный дүкөнүнүн камерасына түшүп калыптыр. Ал адамдарды кармап, 1 ай тергөө иштери жүргөн. 2014-жылы 26-январда уулум менен Искендеров Нуртемирди күнөөлүү деп кармап сабаптыр. Балдарды ИИМден Ленин РИИБге алып келип, кандай кылсаңар да мойнуна алдырасыңар дептир. Ленин райондук милициянын жетекчиси дүкөндөгү камерага тартылган тасманы алууга сурам жасаганда дүкөн 2 диск берет. Бирок алар дисктерди жоготуп коюшат. Искендеров ооруканага кетип баратса, балам аны маршруткадан көрүп калып, түшүп учурашат. Экөө ошол жерде 10 мүнөт турушат. Ошол учурда вулканизациянын камерасына да түшүп калышат. Милициялар окуядагы 4 баланы жоготуп, биздин балдардын мойнуна алдырабыз деп дисктерди жоготушту. Жабырлануучу бул иш боюнча арыз жазышы керек болчу. Иш кагазда арызы да жок. 2014-жылы жабырлануучу январдан баштап августка чейин такыр сотко келбей койгон. Ошондуктан аны сотко мажбурлоо менен алып келген. Тергөө туура эмес жүргүзүлгөн, күбөлөр туура эмес суралган деп сот балдарды тергөөгө чейин бошоткон. Жабырлануучу муну угуп, Бишкек шаардык сотуна даттануу жазган. Ал эми шаардык сот Жаңыл Мамбеталы балдар кайра отурсун деп камап салды. Ошол күндөн бери 2,5 жыл болду. Тергөөчүлөр жаман иштешет экен. Анткени дүкөндөн алган дискти, эми жок болчу деп жатышат. Ленин сотунан Бакыт Тынышевич бизден 4 миң доллар сураган. 4 миң долларыбыз жок, балдарыбыз ак болсо эмнеге берет элек дедик. Бул иштин баары жасалма, бир дагы нормалдуу кагаз жок. Балам соттолгон эмес, ал киши менен эмне иши бар экенин билбейм”.



## Акчасы жок киши акталбайт экен

60 жаштагы **Мырзайым Токобаева** өлкөдө теңчилик жок болуп, баары акчага баш ийгенин айтып ыйлады: “Балам ооруканага баратып дөңгөлөк жамаган жерде 10 мүнөт тургандыгы үчүн соттолуп жатат. 17:36да Народный дүкөнүнүн жанынан кылмыш кылган 4 адамдын камерага түшкөн видеосун катып жатышат. Документтерди тазалаганда видеонун справкасы калып калган. Видеону милиция да, сот да карабай балдарды камап салды. Тергөөчү документтердин баарына өзү кол коюп өткөргөнүн сотторго айтсак да бизди укпайт. Бишкек шаардык сотун Жаңыл Мамбеталы менен Бранчаева башкарып калган. Баламдын ишин Момунов 6 ай карады, бирок өзү ишке 2 жолу гана келди. Андан кийин бир курам түзүлүп, ишти бир жолу 10 мүнөт карады. Үчүнчү жолу Мамбеталы менен Бранчаеванын талабын аткарып Бранчаева өкүмүн окуп чыгып кетти. Эмне үчүн алар күбөлөрдү сурабай, ак адамдарды соттошот. Мен өлтүрдүм деген күндө да сот текшериши керек. Сабаган кишилер бөлөк, Турганбаев алдыбы, же башкасыбы, иши кылып 20 миң доллар алып 4 баланы чыгарды деген справкасы турат. Алар өздөрү жазган справкаларын өздөрү карабайт. Теңчилик жок бизде, бүт баары акчага баш иет. Акчасы жок киши акталбайт экен”.



## Мени сайган төртөө кармалса, булардан кечирим сурайм

**Коомдук жактоочу Исмаил Токобаев** Миланга кол салган балдар кармала элек деп жабырлануучу өзү айтканын билдирди.


– 2013-жылы 26-декабрда Бишкек шаарынын К.Маликов менен Ю.Гагарин көчөлөрүнүн кесилишинен №47 абактын жетекчисинин орун басары Шакиев Милан Алыевичге 4 адам кол салыптыр. Окуя болгон жерге Ленин райондук ички иштер бөлүмүнөн опер, тергөөчү барган. Народный дүкөнүнүн камерасына 17:36да азиат улутундагы кара куртка кийген 2 бала Маликов көчөсүнөн чыгып, Гагарин көчөсүнө чуркаган деген справканы кылмыш ишине тиркешүүдө. Ал эми камерага тартылган дискти ишке тиркебей жатат. Алар дүкөндөн 17:36дагы дискти көрсөтпөй, балдардын 15:03төгү жолдон өтүп бараткандагы дискти тиркешүүдө. Кол салган 4 адамдын видеосун жок кылып, бир айдан кийин эки баланы камоодо. Тергөөчү Акмарал Жайнакова кылмыш ишине калыс күбөгө 10 адамды катыштырган. Анын бешөөсү Кыргызстандын аймагында жашабаганын аныктап, справка тиркеттим. Калыс күбөнүн бирөөсү анын фамилиясын колдонуп, тергөөгө катышпаганын айтып арыз жазды. Көчөдө жүргөн адам тергөө амалдарын жүргүзгөнү мыйзам бузуучулук. Жайнакова тергөөдөн четтетитилсе да тергөө амалдарын жүргүзүп, кылмыш ишине киришүүдө. Окуяны көргөн Елена жабырлануучуга азият улутундагы, 30 жаштагы, бою 180, 190 см, мурдунда тырыгы бар адам деп айткан. Анын айтуусу боюнча фоторобот түзүлгөн. Абакта отургандардын бирөөсүнүн бою 150 см болсо, экинчиси фотороботтогу адамга такыр окшошпойт.



29-апрелде саат 09:30 да карала турган иш 12де башталды. Бранчаева сотту баштагандан кийин түштөнүү убактысы деп бизди кетирип ийди. Түштөн кийин 45 мүнөткө жетпей ишти ары-бери бүтүрүп, Ленин райондук сотунун өкүмү күчүндө калтырылсын деп чыгып кетти. Бранчаева жана Жаңыл Мамбетованын үстүнөн арыз жазып келүүдөмүн. Булар мурун да ишти карап, туура эмес чечим чыгарышкан. Экөө санкцияны да караган. Соттор бир ишти кайра-кайра караганга акысы жок. Соттон жабырлануучуга “ушул балдар сени бычак менен сайып, чапты беле?” десем. Ал: “Чапканын көргөн эмесмин, ошол жерде 4 адам бар болчу”- деди. Кылмышкерлер жабырлануучуга унаасын түртүшкөнүн, бала-бакчага чейин аркасынан барганын айтып, эки бала кармала элек деди. “Милан сен айткан балдар кармалбаса, кылмыш жеринде 4 адам болсо, бул экөөнү кошкондо 6 адам болуп кетти” десем, “Аны Елена келгенде сурап алгыла” деп жатпайбы. Жабырлануучунун үйүнө барып “эгерде эки баланын күнөөсү болсо, сенин астыңда чөгөлөйүн” десем, “Мени сайган 4 адам кармалса, бул балдардан кечирим сурайт элем” деген.

## Жогорку сотко кайрылууга укугу бар

**Бишкек шаардык сотунун пресс-секретары Гүлмира Үмөталиева** Кыргыз Республикасынын кылмыш жаза кодексинин 28 (Кылмыш жасоого түздөн-түз багытталган аракеттенүү), 97-беренелери (Адам өлтүрүү) менен Искендеров Нуртемир, Айкожо уулу Тимур күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен 13 жылга эркинен ажыратылганын айтты.



– Адам укуктарынын жалпыга таанылган декларациясынын 65 жылдыгына байланыштуу мунапыс жөнүндө 2014-жылдын 27-январындагы №16 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык белгиленген жазанын 1/4 бөлүгү кыскартылып, жазасын күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында өтөөсү белгиленген. Жаза өтөө мөөнөтү 2014-жылдын 26-январынан баштап эсептелинет. Ленин райондук соту соттогондон кийин жактоочулары доо арыздары менен Бишкек шаардык сотко кайрылышкан. Биз булардын өкүмүн бере элек болчубуз. Өкүм 5 иш күндүн ичинде берилмек. Алар өкүмдү албай туруп митингге чыгып жатышат. Эгер Бишкек шаардык соттун чечимине макул болушпаса, конституциялык жактан мыйзамдык укуктарын колдонуп, «Ленин райондук соту менен Бишкек шаардык сотунун өкүмүнө макул эмеспиз» деп Жогорку сотко кайрылууга укугу бар. Андыктан, пикет уюштурбай түз эле Жогорку сотко кайрылса болмок. Ал эми соттук коллегияга катышкан судьялар өздөрү чыгарган чечимдерге мыйзам боюнча комментарий берүүгө укугу жок. Судьяларга карата дооматтары болсо бизге эмес, Судьялар Кеңешине арыз менен кайрылууга тийиш, – дейт ал.

## Фальсификацияны судья жасап жатат

Булардан башка **Бакыт Бекбоев** аттуу жаран да айтылган судьялардан жабыркаганын айтат: “Архаров, Момунов, Бранчаева ушундай кылыктарын кылып, каратып туруп фальсификация жасашат. 2010-жылы 18-ноябрда сатылган батириди, 2009-жылы саткан деп бет тырмашууда. Соттор, кылмышкерлерден ашып кетүүдө. Момунов жаңы автоунаа менен жүрсө, Архарова эки кабат үйдү салды. Булар 250 миң доллар турган эки үйүмдү бандиттер менен алып, күрөөгө коюп туруп сатып жиберген”, – деди ал.



Мына, бизде ушундай. Сотторубуз каратып туруп күйгүзүп коюп, улам бири-бирине шылтап отура беришет. Баарынан кызыгы, буларды соттой турган сот такыр жоктой жүрүшкөнүндө. Болбосо, бир күнү болбосо бир күнү баарыбыз ар бир кылыгыбыз үчүн сурак берет эмеспизби. Айла жок, ага чейин ушунтип канчалаган бейкүнөө адамдар темир тор артына түшүп, кылбаган ишинин жазасын тартып жүрө берчүдөй...

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

# Искусстводо улам кийинки эшик ачыла берет

**Үстүбүздөгү жылдын 12-майында борбор шаарыбыздын Гапар Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм өнөр музейинде жаш сүрөтчү Абаз Апиевдин өз калеми менен тартылган сүрөт көргөзмөсү болду. Көргөзмөнүн башкалардан айрымачылыгы – дүйнө элинин жарпын жазган живопистин Ислам дүйнөсүнө кирип, андагы баалуулуктарды келиштире тартканында эле. Эмесе кепти узартпай сөздү ушул чыгармалардын ээсине узатсак...**



Мираж түнүндө калган калдыктын негизинде даярдалган Мухаммед Пайгамбардын сол бутунун изи

## Сүрөтчүнүн баласы сүрөтчү болобу?

Чыгармачылыкта сөзсүз сүрөтчүнүн баласы сүрөтчү болот, же жазуучунун баласы жазуучу болот деген нерсе жок. Эгер бир адам акын, же жазуучу болсо анын тукумунан сүрөтчү, же музыкант чыгышы мүмкүн. Же жамакчы, айкелчиден, же саймачыдан ырчы чыгышы мүмкүн. Себеби, ушунун баары чыгармачылык да. Анан калса мен сөзсүз тукумда бирөө болушу керек дегенди өтө маанилүү деп деле эсептебейм. Чындыгында биздин тукумда сүрөтчү болгон эмес. Балким бул менин жеке өзүмдүн түпкүрүмдөгү бир өзгөчө шык-жөндөм болсо керек деп да ойлойм.

## Сүрөтчүлүк искусствонун бардык жанрына жакын

Сүрөт көбүнчө ырга жакын. Көркөм адабиятка да кол сунуп турат деп эсептейм. Себеби искусствонун бардык жанрлары коомду эстетикалык жактан тарбиялайт. Функционалдык жактан кызматы бирдей. Бардыгынын тамырын бир деп эсептейм. Көркөм окуу жайда окуп жүргөндө композиция деген сабак бар болчу. Ошол сабакта классикалык музыканы угузуп туруп эртеси ошол чыгарма боюнча сүрөт тартып кел деп тапшырма берилчү.



Каабанын ачкычы, Султан Ибрахимдин (1640–1648-ж.) дооруна таандык

Ошондуктан сүрөтчүгө кайсы бир күүнү угузуп, темасын айтып койсоңуз эле тартыла турган материал белгилүү болуп калат. Мисалы мен музыканы угуп, темасын билсем эле дароо эргүүм ойгонуп кетет. Искусствонун түрлөрүнүн ичинен музыка өтө абстрактуу искусство. Ал адамга да катуу таасир бере алат.

## Фотосүрөттөн баалуу

Чыгармачылыкта ар бир адамдын өзүнүн кол тамгасы болот. Бул жерде чеберчиликке чоң маани берилет. Канчалаган мегапиксель фотоаппарат менен тартылган сүрөттү чебер сүрөтчү эки жолу боёк шилтеп коюу менен тартып коюшу мүмкүн. Фотоаппарат көрө албаган нерсени адамдын көзү көрөт. Азыр табиятта жалпы жонунан 600 000 миң түс болсо, адамдын көзү ошонун 10 000дейин айырып тааный алат. Фотоаппараттын чектелүү гана мүмкүнчүлүгү бар. Ал көрө албаган нерсеге адамдын көзү жетет. Экөөнүн айырмасы өтө чоң. Түзүлүш, композиция, көлөкө, аралык, күн тийген кезде түстөр кандай өзгөрөт дегендердин мааниси абдан чоң. Муну негизи атайын изилдешет. Мисалы ислам өлкөлөрүндө каллиграфия, миниатюра деген сыяктуу декоративдүү-прикладдык искусство абдан өнүккөн. Живопистин негиздери болсо ислам динине байланышы болбогондуктан батышта жакшы өнүккөн. Ошондон улам живопись сүрөт искусствосунун өзүнчө бир тармагы болуп калган. Биздин максатыбыз ислам дүйнөсүндөгү каллиграфияны, миниатюраларды живопись аркылуу берип, батыш менен чыгыштын ортосундагы маданиятты бирге көргөзүү болуп саналат.



## Көз өткөндөн кийин бааланган сүрөтчүлүк

Эми бул сөз жеке эле сүрөтчүгө эмес, башка кесип ээлерине деле таандык нерсе. Себеби адамдын баркы өлгөндө билинери баарыбызга белгилүү эмеспи. Бул киноактерго, саясатчыга, журналистке деле тиешеси бар. Ал эми сүрөтчүлүктү кесип катары эсептегенге эмнеге болбосун. Сүрөтчү жок болсо тарбия берүүчү, үйрөнүүчү китептер кантип чыгат? Мультфильмдер кантип чыгат? Сүрөтчү жок болсо көчөдөгү эң эле жөнөкөй деген эле рекламалар кантип илинет? Европада сүрөт менен музыка сабагы мектепке киргенден баштап, жогорку окуу жайды бүтүргөнгө чейин баланы коштоп жүрөт экен. Себеби бул сабактар адамдын эркин ойлонуусун калыптандырат. Бизде бул сабактар төмөнкү класстын окуучуларына гана өтүлөт. Адам көңүлүндөгү нерсени ырдап жибергиси келет. Жүрөгүндөгү нерсени кагаз бетине тартып жибергиси келет дегендей. Батышта бул предметтер адамдын көкүрөгү сокур болуп калбасын деп окутулат экен. Сүрөтчүлүктү кесип катары таныш керек. Болгону сүрөт тартууда аша чаап кеткенге болбойт. Тартпай турган нерселерди тартпаш керек.

## Исламдагы искусство чектөөлөрү тууралуу

Чектөөлөрдүн абдан туура жактары да бар. Мисалы ар бир түс чоңоюп келе жаткан баланын өсүүсүнө психикалык жактан таасирин тийгизет. Ачык түстөр баланын акыл-эсинин жетилишине тескери таасир берет. Ал эми адамдын сөлөкөтүн тартууда да чектөөлөрдүн болгону жакшы. Исламда сүрөт бала үчүн көрсөтмө курал катары гана колдонулса болот дешет. Балдардын калыптануусунда иллюстрациялардын мааниси абдан чоң. Бала дүйнөнү китеп аркылуу, сүрөт аркылуу таанып билип жатпайбы. Ошон үчүн Исламда куурчак менен ойногонго уруксат берилгени бекеринен болбосо керек. Бул боюнча ислам аалымдарынан да кеңири тактоолорду алып коюу ашыкча болбойт.

Негизинен ислам дининдеги чектөөлөр менин деңгээлимди түшүрдү деп айтпайм. Искусстводо бир эшик ачылгандан кийин экинчиси ачыла берет деген сөз бар. Мен сүрөтчүнүн окуусун он жылдан ашык окудум.

## Малевичтин “кара чарчысы” (черный квадрат) тууралуу



Каабанын ачкычы, Султан Ибрахимдин (1640–1648-ж.) дооруна таандык

Бул боюнча түрдүү пикирлер айтылып жүрөт. Кээ бирлери бул адам искусствого жаңылык киризейин деп тарткан дейт. Айрымдары: “Малевич идеясы жок калгандыктан ушуну тарткан” дешет. Кээ бирлери: “Жөөттөрдүн элдин башын айлантуусу” дешет. Бирок бул сүрөттүн тарыхый мааниси бар. Малеевичтин чыгармачылык доорунда өлкөдө чыгармачыл адамдар соцреализмдин алкагындагы чыгармаларды гана жазууга милдеттүү болушкан. Бардыгын мамлекет белгилүү бир алкактан чыгарган эмес. Авангардисттерди, кубисттерди, сюрреалисттерди өкмөт кадимкидей соттоп жиберген. Ал эми Малеевич өзү жөөт болгон. Ал: “Реализмден чыктым. Мен эми абстракционист болом” деп жар салган. Ошондон улам ушул сүрөттү тарткан. Мына ошол реализмден чыкканы үчүн гана анын бул картинасынын мааниси чоң болуп калган.

*(Уландысы 9-бетте)*

# Банктарды туура иштетүү зарыл

Банк сектору Кыргызстанда инвесторлорду кызыктыра алгандай баалардын жоктугу жана иштеп жаткан экономикалык тармактарын каржылоо алар үчүн тобокелчилиги жогору экенин айтып келет



### Банк качан талапка жооп берет?

Экономиканын иштеп жаткан тармагынын ыкчам өнүгүүсү үчүн каржы-насыялык булактардын мол болуусу өтө маанилүү. Өнүккөн базар экономикасында каржы муктаждыктары коммерциялык банктар, камсыздандыруу компаниялары, инвестициялык фонддор ж.б.у.с. мекемелер аркылуу канааттандырылат. Дүйнөлүк тажрыйбага карасак, жогоруда айтылган каржы-насыялык институттардын арасынан экономиканын иш тармагын жандандырууда коммерциялык банктардын орду өзгөчө. Экономикалык чөгүүнү токтотуп, туруктуу өнүгүү нугуна отургузуп жана улуттук экономиканы заманбап технологиялык негизге орнотуп толугу менен кайра куруп чыгуу үчүн каржылоо булактарынын кеңири болуусу зарыл. Ошондуктан банкка акча салгандар менен ал каражатка муктаж экономикалык тармактарды бири-бири менен эки тарапка тең пайдалуу болгондой байланыштыра алганда гана банк сектору коомдук талапка жооп берди десе болот.

### Акча берчүсү да, алчусу да ааразы

Кыргызстаныбыздын банктык системасы улуттук экономикага арзан насыя берүү жана инвестициялар менен камсыздоо сыяктуу негизги максаттарды актаганды мындай кой, өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө жардам берүүнүн ордуна кайра тетирисинче, бутун тушап жатат деген сындарга кабылып турган учуру. Банк системасы болсо мамлекетибизде инвесторлорду кызыктыра алгандай баалардын жоктугун жана иштеп жаткан экономикалык тармактарды каржылоо инвестор үчүн тобокелчилиги ого эле жогору экенин айтып наалышат.

### Сандарга келген болсок

Куру талашка кирбей 2015-жылы өлкөбүздүн банктарынын экономиканын иш тармагына берген насыяларын карап көрөлү. Быйыл дүйнөнүн бизге жакын мамлекеттерин экономикалык кризис каптаганына карабай, банктарыбыз ишкерлерди насыя менен камсыздоосун салыштырмалуу туруктуулугун сактап кала алган. Экономикабыздын иштеп жаткан тармактарына 2015-жылы насыялар *1-сүрөттө* көрсөтүлгөндөй берилген.

1-сүрөткө карасак, 2015-жылы насыялардын жалпы көлөмүнүн 30 348,8 млн. сому же 34%ы соода, 17 355,1 млн. сом же 19% айыл-чарба, 2 269,1 млн. сом же 8 % керектөө тармагына берилген.

Ошол эле убакта улуттук жана дүйнө экономикасынын лөкөрү деп эсептелген өндүрүш, курулуш жана байланыш тармактары баары биригип, берилген насыянын болгону 10%ын гана ала алган. Бул Кыргызстан банктык секторунда инвесторду кызыктыра алгандай баалардын жоктугуна жана иштеп жаткан экономикалык тармактарын каржылоо инвестор үчүн тобокелчилиги жогору деген жоромолдорун туурага чыгарып турат.

### Банктарга эле керек бекен?

Экономиканын иштеп жаткан тармактарын банктар тарабынан каржылоо үчүн инвестициялык жагдайды жакшыртуу, акча каражаттарын туруктуу жана узак мөөнөткө берилүүсүнө шарт түзүү каржы механизмдерин камсыздоо банктардын гана эмес мамлекеттин да баштапкы маселелеринен болуусу керек. Бул маселени чечүү үчүн мамлекет базар экономикасынын бардык жазылган жана жазылбаган мыйзамдарын колдонуу менен бирге багыттуу жана чектелген административдик чараларды да көрүүсү максатка ылайык. Ал чараларга банктардын ишканаларды насыялар менен камсыздоого керек болгон жана заманбап шарттарга жооп берген мыйзамдык негизди калыптоо, ишканалардын үйлөтүлгөн эмес, чыныгы баасын жогорулатуу, коммерциялык банктарды узак мөөнөткө берилген акча каражаттары менен камсыздоо жана насыя берүүдөгү тобокелчиликти азайтуу кирет.


### Өгүз өлбөсүн, араба да сынбасын

Мамлекеттин ички дүң өндүрүмүнүн (ИДӨ) бардыгын экономиканын учурда иштеп жаткан тармактары гана камсыздайт. Анын өнүгүп кетүүсү толугу менен банктык сектордун бул тармактарга инвестицияларды багыттоосуна байланыштуу. Башкача айтканда, каржы-насыяга тиешелүү бардык мүмкүнчүлүктөр коммерциялык банктардын ортомучулугу менен иш тармагынын өндүрүштүк капиталына айланат. Мындай пайдалуу ортомчулук өз кезегинде банктардын коомдук маанисин арттырат.

Банктардын инвестициялык ишмердүүлүгү табиятынан эки тараптын кызыкчылыгын бириктирүүгө багытталган мүнөзгө ээ. Экономикалык субъектке караган микроэкономикалык деңгээл каржы институтунун баштапкы максаты болгон банктын кирешесин көбөйтүүнү көздөйт. Макроэкономикалык деңгээл болсо анын ишмердүүлүгү каржы-насыялык ресурстарды жумшап, коомдук өндүрүмдүн артуусун максат кылат. Ошондуктан экономиканын иштеп жаткан тармактарын күчтөндүрүү үчүн мамлекеттин жана банктык сектордун кызыкчылыктарын бириктирип, тең салмактуулугун камсыздай алган шарттар түзүлүүсү зарыл.

Каржы боюнча эксперт
МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

**1-сүрөт. Кыргыз Республикасынын банктарынын 2015-жылы насыялары (млн. сом).**




*(Башы 8-бетте)*

### Карапайым адамга берген пайдасы

Алгач тарбиялык жагын айтайын. Баарыбыз эле балабызды маданияттуу болсун деп кичинесинен тарбиялайбыз. Мына ушул жерде баланы ээрчитип алып операга, театрга, филармонияга, сүрөт көргөзмөлөрүнө алып барып көрсөтүү өтө маанилүү. Ошондой чөйрөнү көрүп, ошол чөйрөнү таанып жүргөн бала маданияттуу болуп, дүйнөгө болгон көз карашы калыптанат. Кийин балаң өзү эле интеллигент болуп калат. Ал эми интеллигенция ар качан коомдун авангарды болору жалпыбызга белгилүү эмеспи. Өзгөчө классикалык музыканы угузуу балдардын жан дүйнөсүн арууланып, жакшылыкка жетелейт.




Гапар Айтиев атындагы кыргыз улуттук көркөм өнөр музейинде Абаз Апиевдин сүрөт көргөзмөсү

# Көгүлтүр либерализмби же кочкул күрөң авторитаризмби?

Айн Рэнд аттуу АКШлык чыгаан аял убагында: «Мен акыл-эсти жактаганым үчүн, капитализмди жактайм», - дегени бар. Анын учурундагы капитализм менен коммунизмдин таймашы тарыхта калды. Учурда алардын жумшартылган варианттары болгон либерализм менен авторитаризм тирешүүдө

## Кыргыздын жеке менчикке болгон көз-карашы

Кыргыз коомунда жеке менчик ыйык акы катары каралып, мыйзам жана салт аркылуу корголуп келгенине караганда, капитализм менен либерализмди колдоо акыл-эстүүлүккө жатат десек эч жаңылбайбыз. Маалым болгондой, коммунисттик идеология жеке менчикти жокко чыгарып, «бардык нерсе коомдук менчикте болот» деген. Орус эли баш болгон совет калкы болсо бул менчикке «обочо жаткан нерсенин баарын жымыр» деген макал да ойлоп таап жиберген. Союз тараганда ар ким алына жараша жымырды да, жоголумуш болгон жеке менчик кайра бат эле тирилип чыга келди.

Сөзүбүз куру болбошу үчүн орус оторчулары келгенге чейинки кыргыздын жеке менчикке көз карашы тууралуу профессор Б.И.Бөрүбашевдин макаласынан бир аз мисал келтирсек. Кыргыздардын негизги жеке менчиги мал болгон. Андан сырткары, үй жана ага тиешелүү тиричилик оокаттары, бакча, кудук, арыктар да жеке менчик катары каралган. Жер-суу жана жалпы колдонууну талап кылган бардык нерселер уруулардын менчиги болгон. Аларга дайыма жана убактылуу ээлик кылуу маселеси кеңеш менен чечилген. Ошондуктан ачарчылыкка кабылган кедей-кембагалдар колунда бар уруулашына: «Мага малыңдын чөбүн бер» деп байдын малынын жалпыга тиешелүү жайлоо, күздөө жана кыштоодо оттогонун эстетип, бир нерсе талап кыла алган. Кыргыз элинин коммунисттик конфискацияга окшогон барымта алуу түшүнүгү да азыркы мыйзамдарга караганда алда канча акылга сыярлык. Конфискацияда айыпкердин менчик мүлкү мамлекеттин эсебине алынса, барымтада бир адам башка адамдын акысын тебелегени үчүн, зулумдун акысы зулумдукка кабылган адамга түздөн-түз берилген. Бийлик ортомчулук гана озуйпасын аткарган.

Кыргыздын исламдык «адаларам» пайдубалына негизделген адаттарын профессор Бөрүбашев: «Менчикти тескөө боюнча жалпы жоболорун карап туруп, кыргыздардын акысы жана бийлердин ал акыларды адат менен тескөөсү адилеттүү негиз, акыл-эске сыярлык пикир жана туура чечимдерге негизделген. Анын баары кыргыздын көчмөн турмушунун шарттары менен талаптарына жооп берген» деп корутундулаган.



## Авторитаризмдин адаттары

Үйдө жатып алып үй-бүлөңдүн башына келген бардык балээни башка айылдагы бирөөнөн көрө берсең кандай сонун. «Өзүбүздү деле күзгүдөн бир карап көрөлү» дегендин баарын чоңдукка салып «Сен душман тараптасыңбы» деп жаап коюу текейден оңой. Жалпыга тиешелүү акыны «мамлекеттик мүлк» деген ат менен каалагандай пайдаланасың да, каалаган убагында каалаганыңа берип каалаганыңды жасатасың.

Жалгыз авторитардык башкаруу Жаратканга гана таандык. Ченелүү өмүр, убактылуу бийлик берилген жумуру баш, айры буттуунун баары кеңешип башкарууну адат кылбаса, алар багыттаган элдин карандай шору. Текеберликке баткан авторитардык башкаруу Жаратканды «таажысын» талашуу менен барабар. Бул болсо тунгуюкка кептечү жолуңдун башаты болот.

Каршы сүйлөгөндөрдү өзүңө таандык жалпыга маалымдоо каражаттарынан (ЖМК) шылдыңдап, ашкерелейсиң. Аларга таандык ЖМКларга кулак салгандар бар болсо, ыдык көрсөтүп «дужүр» ырчы кыласың же менчигин биротоло тартып аласың.

Эркин серепчилер «Орусиядагы жеке менчик кызык мүнөзгө ээ» дешет. Айрыкча саясатка таасирин тийгизе алгыдай стратегиялык же ири киреше алып келген тармактар жөн эле бирөөнүн колуна тийип калуусу мүмкүн эмес. Ага сөзсүз Владимир Путиндин өзүнүн же анын тегерегиндегилердин макулдугу керек. Ошондуктан шайлоо же ошол даражадагы иш-чаралар жакындап калганда «өз-жат» деген сыяктуу түгөлдөөлөр болуп, жат болуп кеткендер бир заматта мүлкүнөн ажырап калуусу мүмкүн. Керек болсо «элдешкис» деген оппозициясы да «биринчинин» батасын албай туруп оозун каалагандай агыта албайт.

Акыркы президенттик шайлоодо либералдардын атынан ат салышууга Путинден бата алган Михаил Прохоровдун РБК медиахолдингинин чыгаан жетекчисинин баары жумушу менен кош айтышты. Каржы таңкыстыгынан улам кетүүгө мажбур болду деген бийликчил ЖМКлардын «жомокторун» эч кимдин көңүлүнөн түнөк тапкан жок. Путиндин жеке жашоосу, байланыштары жана кыздары тууралуу байма-бай жаза баштаган РБК өзүн чыныгы либерал катары көрсөткөн Прохоровдун бизнесине кесепетин тийгизүүдөй болуп баштаган. Ошондуктан бизнесмен мырза өзүнө таандык массмедияга көңүлү бир топ эле сууп калган дешет билермандар. Учурда менчикти тартып алуу модадан чыгып, аны каалаганча саап, убактысы келгенде байытып салуу ыңгайлуураак болуп жатат.

Эми бул Батыш менен демократиялык жарышта кайым айтышымыш болгон Орусиянын авторитаризми. Биздин жакынкы кошуналарыбыздын авторитаризмине каршы чыккандардын «огороддоруна» куурай-тикен да чыкпай калганын жакшы билебиз. Ал жактагы жеке менчик «Малым-малым дейсиң, малың тоонун чымчыгы. Үйүм-үйүм дейсиң, үйүң токой чырпыгы» деген кыргыз макалына айныбай төп келет. «Күн жүздүү» бери бурулса – сайран бакча, арылап кетсе – кайран бакча дегендей. Эң кызыктуусу биз тарапта да Орусия менен коңшулардын башкаруусун жактырып, «томсоргон сулуулардын» арбын болуусу таң калтырат. Жакында үч лидери камакка алынган «Элдик парламенттин» жыйындарга журналисттерди чакырып, бирок суроо бердиртпегенинин түбү авторитардык башкаруунун туңгуюгуна бары башынан эле билинип калды.

## Элди угуу салтынан ажыраган либералдар

Либералдуулуктун ана башы болгон АКШ жалпыга тиешелүү маселени ортого салып, коомдун келечегине пайдасы аз болсо да жок дегенде зыяны тийбеген чечимдерди кабыл алып ушул даражага жеткен. Азыр болсо бир ууч оорулуу адамдардын айбандык каалоолорун ээрчип, эркек менен эркек, аял менен аялдын баш кошуусуна көңүл берип турган чагы. Мунусу менен ата-бабалары түптөп келген, 200 жылда калкынын санын 3төн 300 миллионго жеткирген мамлекетинин тамырына балта чабууда. Кандай болбосун адам укугун коргойбуз деген чектен чыккан ниет менен авторитардык лидерлердин шылдыңына калып, жаңы башын көтөрүп келе жаткан демократияларга көтөрө алгыс жүк артып, алардын жыгылуусуна себеп болууда.

Кандай жол менен болбосун баюуну туура көргөн Батыш мамлекеттери өз элин эзип тоногон авторитардык лидерлердин байлыгына кепил болуп олтурат. Алдыңкы жумада Лондондо өткөн Коррупцияга каршы бүткүл дүйнөлүк саммитте өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн лидерлеринин өз элинин ырыскысынан уурдаган миллиарддаган долларларын сактоочу жайларга айланганын АКШ менен Англия моюндашты. АКШнын мамлекеттик катчысы Жон Керри жакырлыкка баткан өлкөлөрдүн билим берүүсүнө кетчү каражаттары биздин банктардын жашыруун эсептеринде жатат. Арам кекиртектик биз күрөшүп жаткан экстремизмден кем эмес зыянга учуратууда. Ушундан улам учурда Батышта ооз көптүргөн маскарапоз саясатчылардын куну артып, эл алардын куру убадаларына алдана баштады деген таризде сөз сүйлөгөн.

Батыштын либералдык саясаты Владимир Путиндин авторитардык пропагандасына жеңилип бара жатканына сереп салган орусиялык Лилия Шевцова: "Либералдык демократия сырткы жана ички талаптарга жооп бербей баштады. Биз батыш коомунда демократиялык институттардын айкалышпай баштаганына күбөбүз. Кыймылсыз мүлк, өнөр-жай жана финансыны басып жаткан олигархияны оздуктай албоосу, теңдик жана адилеттүүлүктүн жомокто гана калганы, бийликтин мигранттарга шарт түзүп бере албай «Антилибералдык Интернационалдын» чабуулуна кабылып дүрбөлөңгө түшкөнү муну ашкерелеп турат», – деп баамдаган.

## Кускуну келтирген КТРК

Авторитардык башкаруудагы Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Кытай менен курчалып, арканын узун тыштаган авторитардык Орусияны эстен чыгарбоосу керек болгон Кыргызстан кыйын абалда. Алыскы Европа менен АКШдагы башкарууну теледен жөө жомок кылып көрсөтүп койсо болот. Бирок эли байма-бай каттаган Кыргызстандын либералдык демократиялык башкаруусу алар үчүн чоң коркунуч. Коңшу, өнөктөш жана дос мамлекеттер биздегидей башкаруудагы өлкөнү көрө албай, бүкүлү жутуп жиберейин десе эки көзү төрт. Ошентип, өз элине бизди желмогуз көргөзүүгө куштар коңшу лидерлерге улуттук каналыбыз жакшы белек сунду. Айтайын дегеним, КТРК «катын болуп берем» деген бир кургур эркекти каарман кылып чыкты өткөн жумада. Араң турган заалимдер болсо «Мына Батыш силерге ушуну сунуштайт» деп өз элин алдоого мүмкүндүк алды. КТРКнын мындай ойт бергени «Тымызын түшкөн акчабы, кулап бара жаткан рейтингиби же башка күндемден алаксытуу аракетиби?» деп серепчилердин башы маң. Коомдук мүлк болбой куруп калгырдыкы...

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Кыргызстандын эң кымбат жаш футболчулары



Толугу менен футболчулардын баасын бычуу менен алектенген Германиялык абройлуу transfermarkt. de интернет-сайтынын баамдоосу боюнча киевдик «Динамо-2» командасынын оюнчусу Ахлидин Исраилов Кыргызстандын эң кымбат 21-жашка чейинки футболчусу деп аталган. Сайт билдиргендей Ахлиддинди өз командасында ойнотуу 200 миң евро турат деп баалаган.

Немис футбол серепчилери Кыргызстандын жигиттер курама командасында ойногон 22 футболчунун бешөөнү гана баалаган. Исраиловдон сырткары белоруссиялык «Крумкачы» клубунда ойногон Бахтияр Дүйшөбеков менен Акрам Умаров ар бири 50 000 еврого, Сербиянын «Ягодина» командасында ойногон Тамирлан Козубаев 75 000 еврого жана Молдавиянын «Академия» тобунун оюнчусу Фархад Мусабеков да 75 000 еврого бааланган. Биздин жаштар командасынын оюнчуларынын жалпы баасы 450 миң евро деп бычылган. Жогоруда аталган оюнчулардын баарысы быйыл 2-июнда Ташкентте Өзбекстандын курама командасы менен беттешүүдө биринчи жолу Кыргызстандын чоң оюнчулары менен бирге футбол талаасына чыкмакчы. Алардын баары 23-майда Кыргызстанга кайтып келишип, башкы машыктыруучу Александр Крестининдин кол алдында аталган беттешке даярданып башташат.

Эскерте кетсек, transfermarkt. de интернет сайтынын версиясы боюнча Таиланддын «Сисакет» футбол клубунда ойногон Антон Землянухин 350 000 еврого бааланып, Кыргызстандын эң кымбат футболчусу деп таанылган. Өлкөбүздүн чоң футболчулар тобу немистер тарабынан 1 млн. 850 миң еврого бааланган.

# Ильябыз 13-олимпиадалык жолдомону алды




Кыргызстандын жеңил атлетикачысы Илья Тяпкин Бразилиянын Рио-де-Жанейро шаарында өтмөкчү болгон Олимпиада-2016га катышуу укугун алды. Анын машыктыруучусу Иван Щербаков айткандай, акыркы убактарда Илья үч эл аралык 42 км 195 метрлик марафондоруна катышкан. Олимпиадалык талапты аткарууга ага бир нече гана убакыт жетпей келген. Буга чейин Прагада өткөн марафондо ал керектүү нормативге 19 секунда гана уттурган. Биз марафон жарышы боюнча эл аралык федерацияга буга байланыштүү өтүнүч кат менен кайрылганбыз. Алардан жакында бизге Ильянын Риодогу олимпиадага катышууга уруксат берген кат келди деп кубанычы менен бөлүштү машыктыруучу. Ошентип Кыргызстан 2016-жылкы олимпиадага 13 жолдомо алды.

# Кыргызстандын элиталык спортчуларынын карьерасы



14-майда Кыргыз Республикасынын Улуттук олимпиадалык комитетинде (УОК) Эл аралык олимпиада комитетинин Спортчулар комиссиясынын төрайымы, дүйнө чемпиону, 2000 жана 2004-олимпиадалык оюндардын жеңүүчүсү Клаудия Бөкел «Кыргызстандын элиталык спортчуларынын карьерасы» аттуу семинар өткөрдү.

УОКтун пресс-кызматы билдиргендей, Клаудия айым семинарын Риодогу 2016-олимпиадалык оюндарына жолдомо утуп алган кыргызстандыктарга өттү. Бул семинар спортчулардын кесипкөйлүгүн арттыруу менен бирге, жаш курагы жетип таймаштардан алыстаганда спорттук карьерасын улантуусун максаттайт. Аталган семинарды аяктагандыгы тууралуу сертификат бул максатка жарап бермекчи.



## Хамес Родригеске 100 млн.

Испаниялык «Реал Мадриддин» оюнчусуна Франциянын «Париж Сенжермен» футбол клубу көз артып турган учуру деп билдирген AS маалымат агенттиги. Анын билдирүүсүнө караганда француздар капчыгынан колумбиялык оюнчу үчүн мадриддиктерге 100 млн. евро каржаганга даяр. Буга чейин Хамеске «Манчестер Йүнайтед» менен «Арсенал» жуучулары жибергени маалым болгон.

## Чех алтын колкаптуу болду




«Арсеналдын» дарбазачысы Петр Чех англис премьерлигасынын быйылкы футбол мезгилин аяктагандыгына байланыштуу корутундуларга жараша «Алтын колкаптын» ээси болуп табылды. Бул наам бир да топ киргизбей эң көп таймашты өткөргөн дарбазачыга берилип келет. Арсеналдын» курамында алган бул наам Англиядагы оюндардагы Чехтин төртүнчү «Алтын колкабы».

Бул наамга «Манчестер Йүнайтеддин» дарбазачысы Дэвид де Хэа да Чех менен бирдей 15 «таза» беттеш өткөргөн. Болгону акыркы оюнда өз өнөктөшү Крис Смоллинг ага капыстан автогол киргизип, Дэвиддин «Алтын колкаптан» кол жууп калуусуна себеп болгон.

## Кыргызстанда жакында:

- 20-22-май аралыгында Бишкектин Шаардык муз талаасында эл аралык хоккей боюнча балдардын турнири өтмөкчү. Беттешүүлөр Эл аралык балдарды коргоо күнүнө арналат. Анда Казакстандан келген 2008 жана 2009-жылдары төрөлгөн «Шымкент» жана «Акулалар» менен биздин 2008-2010-жыл аралыгында төрөлгөн балдардын «Бишкек» тобу күч сынашмакчы.
- 28-29-майда Кыргызстанда Ashu Grand Prix Kemin велотур жана веложарыш өтөт деп билдирет уюштуруу комитетинин өкүлү Елена Полченкова. Бул жарыш быйыл бешинчи жолу өткөрүлүп жатат. Велотур Кемин шаарынан башталып, Калмак-Ашуу айылында аяктап, 35 чакырымга созулат. Андан кийин эркектер үчүн 41, аялзаты үчүн 21,4 чакырымдык жарыш болот. Мындан сырткары, жергиликтүү калк үчүн да веложарыштар болуп, баалуу белектер тапшырылат.
- 20-22-май аралыгында Бишкекте FIRST MMA (Championship MMA Academy) муш версиясы боюнча эр таймаштар өтмөкчү. Бул беттешүүлөр STRONG фитнес жана бокс борборунда болот. 21-майда тандоо таймаштары, 22-майда жарым финал жана финалы болот. Бул беттешүүгө ММА мушкери, АКШ жана дүйнөнүн чемпиону Бен Аскрен конок болуп, кыргыз спортчуларын машыктырат. Ал кечээ 18-майда Бишкекке учуп келди. Беттешүүнү Кыргыз Республикасынын ADCC Грэпплиң федерациясынын президенти Кенжебек Чекиров, Bigser Sport компаниясынын президенти Сергей Быковский, ONE Championship эл аралык промоутердик компаниянын PR-директору Лорен Мак уюштурууда.

# Баарыбызды максатташ кылчу жолду таппай жатабыз

Бүгүн адабият бетибиздин коногу жаш акын, 2016-жылдын «Мыкты мугалим" сынагындагы баш байгенин ээси, «Калемгер» адабий клубунун «Жаңы ысым – жаңы мүмкүнчүлүктөр» конкурсунун I айлампасынын жеңүүчүсү, «Жүрөк үнү» аттуу китептин автору, Чыңгыз Айтматов атындагы кыргыз-түрк балдар лицейинин мугалими Максат Жангазиев болмокчу...








## Алыбыз келген жумуштарды кылуудабыз

Адам болгондон кийин сөзсүз өкүнгөн учурларың болуп калат. Бир жумада, же 2–3 күндө бүтүрөм деген жумуштарыңды бүтүрө албай каласың. Билбейм бала кезде балалык кылып убакытка маани берчү эмеспизби, же ал кезде убакыт берекелүү болгонбу, айтор, анын мынча тез өткөнү билинчү эмес. Азыр бир жума бир күндөй, бир ай бир жумадай, бир жыл бир айдай өтүп калды. Бирок канча өкүнбө, баары бир пайда жок экенин билем. Ошондуктан алга карай гана аракет кылуу керек. Азыр күч жеткен, тиш өткөн жумуштарды кылып жатабыз.

## Жаман ойлоо жан дүйнөмөн алыс

Ата-энемди тааныбагандар мени көрүп жыйынтык чыгарса болот. Мен өзүм жакшымынбы, жаманмынбы аны билбейм. Бирок ата-энем мага жаман тарбия бербесе керек. Себеби жаман иш кылуу, жаман ойлоо деген жан дүйнөмдөн алыс. Азыркы менин мүнөзүм, аз да болсо ийгиликтерим, ата-энемдин берген тарбиясынан улам десем жаңылышпайм. Ошондуктан сепкен үрөөндүн түшүмүн алгандай эле, ата-эненин сепкен үрөөнүнүн жемиши балдарынын ийгиликтери болсо керек.

## Өзүмө акын деп аныктама бериш кыйын

Чоң атамдын атасы айтылуу Токтогул атабыздын заманындагы комузчу, төкмө акындардан болуп, анын комузун алып жамактап ырдап калчу экен. Өз атам дагы кичинеден ыр жазып жүрүп, кийин таштап коюптур. Токтогул атабыздын комузун чертип, жамактап жүргөн менин чоң аталарым болгон соң менин ыр жазып калуума да алардын түздөн-түз байланышы бар десем болот. Андан тышкары, азыркыга караганда кичинекей кезимде көбүрөк китеп окучумун. Кичине кезимде адабият сабагына аябай кызыгып, Манас таануу китептерин көп окучумун. Китептердин таасири, жашоодогу окуялар, өлкөдөгү, жан дүйнөдөгү бурулуштар, айландагы адамдар да ыр жазуума себеп болуп калды окшойт. Бирок өзүмө акын деп аныктама бергенден алысмын. Акын агаларыбыз айткандай, ырдын ырахатына багынып, жазганыбызга ыраазы болгон адамдарбыз. Акындыкты мезгилдин иши жана аны ыр сүйгөн адам катары элестетем. Өзүм 6-класста ыр жаза баштагам. Ал мезгилде окуучулардын гезити чыкчу. Ошого ырларым басылып жүрдү. Кээде дилбаяндарды да ыр түрүндө жаза калчу адатым бар эле.

*Жаратылыш дил байлыгы,*
*Жалпы адамзат коргойлу.*
*Жаныбарын азайтпай,*
*Жаман адам болбойлу,* – деген балалык ойлонуу, толгонуу менен жазган алгачкы саптарым азыр да эсимде.

## Жан дүйнөмө жакын, таза дүйнө менен жашагым келет

Бала кезде сүрөт тартууга кызыгып жүрдүм. Бирок ал балалык кыял бойдон кала берди. Жашоо өзгөргөн сайын кыял-жоруктар дагы кошо өзгөрөт экен. Мектепти бүткөндөн кийин журналист болом деп шаарга келип, Кыргыз Улуттук университетинин мугалимдери менен кеңешип, ошол университеттин филология факультетине тапшырып калдым. Бул жерде адабият менен дагы да кеңири таанышып, дүйнөм кеңейип, көзүм ачылды. Журналист болом деген максатыма да жеттим. 2-курсумда радиолордо, гезиттерде, сайттарда макала жазып иштеп калдым. Бирок келечегимди маданият тармагынан гана көрө алам десем болот. Жан дүйнөмө жакын, таза дүйнө менен жашап, ошол өзүм билген нерселерди башкаларга үйрөтсөм деп келем.

## Өзүмдөгү бакытты сезе билгениме кубанам

Жакындарым жанымда болсо деле өзүмчө буулуккан учурлар болот. Бирок мындай учурда сынбай, кайра курчуш керек деп ойлойм. Мен деле көп нерсе көрдүм. Мен деле чегем, кайгырам, анан акыркы чегиме жете баштаганда кайра чыгам. Бул жашоого бизди алып келген, ишеним, үмүт менен чоңойткон ата-энебиз үчүн жашайт экенбиз. Биз дале апабыздын кичинекей баласы катары жүрөбүз (күлүп). Негизи жашоодо кээде кичинекей нерсеге кубанган менен, чоң ийгилик болуп жатса да жүрөк тынч албай турган учурлар болот. Бул да болсо ой-жүгүртүүгө байланыштуу болсо керек. Адам чоңойгон сайын ой жүгүртүүсү, түйшүгү көбөйөт. Эң негизгиси өзүмдү бактылуу сезген адаммын, ошонума кубанам. Көп учурда жан дүйнөм менен сырдашам. Бирок сырдашкан адамдарым жок деп айтуудан алысмын. Эгер бир жакын адамым болсо, ал досум болобу, устатым болобу, айтор, төгүлүп айтып берем жана ошол адамдын кеңешин да уга билем.

## Чыныгы дос табыш кыйын

Чыныгы дос табыш үчүн, чыныгы дос болуп берүүгө татыктуу болушуң керек. Бирок чыныгы дос табыш кыйын. Ал эми акыреттик дос деген ал башка нерсе тура. Сенин максатташ, санаалаш, кесиптеш, пикирлеш досторуң болот. Булардын баары менен сый үстүңдө гана жүрөм. Ал эми акыреттик досту табышым үчүн, биринчи өзүм ошого татыктуу болушум керек деп ойлойм!

## Өнүкпөй жатканыбыздын бирден-бир себеби

Адамдар жеңил ойлуу болуп калдыкпы, же өзүбүздү эле ойлоп калдыкпы, айтор, азыр баарыбызды бириктирип, максатташ кыла турган жол таба албай келе жаткандайбыз. Бирок буга баланча адам күнөөлүү деп айтканыбыз да туура болбойт. Мекен өнүгүп жатат деп куру бекер деле айткым келбейт. Бизде мүмкүнчүлүк болсо деле көйгөйлөрдү чече албай келебиз. Билимдүү, өнөрлүү адамдарыбыз кесибин таштап, чет өлкөлөрдө жүрөт. Жогору жактагы адамдардын өз кызыкчылыгы үчүн гана жүргөнү биздин өнүгүп кете албай жатканыбыздын бирден-бир себеби. Бизнесмен бизнесин, мугалим мугалимдигин мыкты аткарып, чек арачы чек араны жакшы коргосо, соодагер соодасын таза кылса, деги ар ким өз кесибин майын чыгара аткарса коомубуз дагы өнүгүп-өсүп, оңолмокпуз.

## Элдин улуулугун саны аныктабайт

Канчалык кейибейли, өкүнбөйлү баары бир үмүт менен жашайт экенсиң. Негизи колубуздан келген нерсени башкаларга беришибиз керек. Элге көрүнбөй, көрүнгүсү келбей, жакшы иштерди жасап жүргөн агаларыбызды билем жана мен да ошолор сыяктуу жакшы иштерди жасасам деп үмүт кылам. Бир даанышман: «Адамдын улуулугун анын бою аныктабагандай эле, элдин улуулугун анын саны аныктабайт», – деп айткан экен. Себеби кичинекей мамлекет болсок дагы чыгаан инсандарыбыз бар.

## Маданият менен сакталып калабыз

Бир учурларда маданият тармагы көчөдө калган баладай бөлүнүп калган. Маданиятты түшүнбөгөн адамдар бир жылдары министр болуп да дайындалган. Буга чейин маданиятка анча деле көңүл бурулган эмес. Быйыл гана «тарых жана маданият» жылы болгон үчүн жакшыраак көңүл буруп калышты. Негизи артисттерди көтөрө турган программа деле жок болуш керек. Ошол эле поэзия, проза тармагында деле жок сыяктуу. Мамлекет эмес, жеке колдоо көрсөткөн агаларыбыз бар. Ал эми коңшу Казакстанда жылда мамлекеттик деңгээлде жүздөгөн маданий кечелер болот. Биз маданиятыбыз менен гана улут болуп сакталып каларыбызды унутпасак.

## Жеңиш менен кошо жоопкерчилик алдым


Мугалим болгонума жарым жылдай гана убакыт болсо дагы, «мыкты мугалим» сыйлыгын жеңип алдым. Бул мен үчүн күтүүсүз белек болду. Алар дагы мага ишеним артып калды. Негизи мени менен тең тайлашып, таймашка катышкандар мурун "Мыкты мугалимди" жеңип алгандар, завуч болуп иштеген, жети областтан келген агай-эжейлерибиз болду. Бул жеңишти алуу менен өзүмө дагы да болсо жоопкерчилик алдым десем болот.

## 7-класстын окуучусу 4 тил үйрөнүп чыгат

Негизи Кыргыз-Түрк лицейинде билим берүү жакшы. Биздин жөнөкөй мектептерде окуучулар күнүгө 6 саат окуса, бул жерде 8 саат окушат. Лицейде 7-класстын окуучусу 4 тил үйрөнүп чыгат. Андан сырткары, окууга болгон талап дагы өтө күчтүү.

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Соодалашып не керек?



Окуя Ошто болгон эле. Өзүм борбор калаадан баргангабы Оштун эски курулуштары, үйлөрү, дегеле шаардын көрктүү көчөлөрү кызык болуп, Ак-Бууранды жээктей сейилдеп басып жүрүп, шаардын базарына кире чыгууну эп көрдүм. Базар аралап баратып бир аксакалдын көз жоосун алып, мөлтүрөп бышкан жүзүмүн көрүп калдым. Бир эсе анын табитти тарткан мөмөсүн көрүп, бир эсе кечинде мейманканада жатып эрмектейин деп сатып алмакчы болдум.

– Ата, жүзүмүңүз канчадан? – дедим адатымча чөнтөгүмдү сыйпалап атып.

– Жыгырма беш сом, – деп жооп узатты атабыз.

– Аа, арзан экен. Бир-эки кил тарта калыңызчы, – дедим да улам бир чөнтөгүмдү сыйпалап акчамды издей баштадым. Менин минтип турганымды көрүп сатуучунун кебетеси дароо өзгөрүп кетти.

– – Ич убара бово, балам. Мен саңа жүзүм сатпайман, – деди ал. Уккан кулагыма ишенбей чын айтабы дегендей жүзүн карасам тамаша айткандай түрү жок.

– Эмнеге сатпайбыз? – дедим чыдабай. Унчуккан жок. Күнгө тотуккан жүзүнө жарашкан сербейген сакалын кыбыратып, коюу каштын алдындагы жылтыраган көзүн кымындатып гана туруп алды. Жооп болбогон соң мен да унчукпай күтүп калдым. Оюмда бул кексе чалдын жоругун чечип, жандырмагын тапкым келип турду. Экөөбүз ушинтип турганда жашы кырктардан өтүп калган эже келип, абышка экөө соодалаша баштады. Абышка жүзүмүн таразага тартып коюп, өкчөп отурат. Тигил эже акчасын санап алып соодалашып турат. Ошентип экөө ары айтышып, бери айтышып атып акыры жүзүмдүн килин 18 сомдон алып кетти. Бул көрүнүш мени ого бетер таңыркатты.

– Чоң ата, мен сизге эмне кылдым? Мына сиз сураган бааны берейин дедим. Элчилеп түшүр, ант-минт деген да жокмун. А сиз дароо бере калгандын ордуна, кайра сатпайм дейсиз. Же менин акчам элдикинен башкачабы? Же өзүм жакпай турамбы сизге? Же эмне бети-башыман жарам куюлуп, тазым жукчудай болуп турабы, – дедим бир кызаңдап, бир тамашага чалып. Аксакал кытмыр жылмайып, сакалын сылаган болду да:

– Мына, укам, сага ушун үчүн сатпайм. Сен али жаш экенсиң. Мен ушул түшүмдү алыш үчүн канча машакат кылам биласинби? Бакты багып өстүрөм, сугарам, отойм, коруйм. Анан ушунча тапкан мейнетимди кимдир бирөөгө кармата койгум келеби? Жөн эле акча сунгандын баарына эле кармата салгым келбейт, укам. Себеби, муну сатып алган киши да пулду оңой менен таппайт да. Ал дагы мейнет кылып, таман акы, маңдай терин агызат. Ал дагы ошончо кыйналып тапкан пулун болор-болбос нерсеге жумшагысы келбейт. Непадам акчасы көр соода болуп кетсе, ага ичи оорушу мүмкүн. Ал эми сатып жаткан нерсеңди соодалашып, баасын түшүрүп, эки тараптын бири да ичи оорубагандай баага келишкен кандай сонун! Мындай акчадан бакыт табасың. Сатып алган киши пулун көңүлүдөн берет. Андай кишиге мен да алганынан да ашырып тартып берем. Анын көңүлү көтөрүлүп кетсе экен деп тилейм, – деп абышка дагы бир жолу мени карап кытмыр жылмайып койду.

– Ал эми ким соодалашканды билбесе, ал акчанын да кадырын билбейт. Кишиге оңой жол менен келген акчалар арам акчалар болушу мүмкүн. Мындай пулдан жакшылык да, береке да күтүүгө болбойт. Андайдан колдон келишинче алыс жүргөнүм жакшы, – деп сакалын сыйпалап туруп калды. Ошондо гана анын оюу түшүнүктүү болду. Чөнтөгүмдө турган акчамды бүктөй кармадым да:

– Ата, эми жүзүмүңүздү канчадан бересиз? Берер жериңизди айтыңыз, – деп шымалана кириштим.

# Эшектин атасы



Анча деле чоң эмес шаарда жол кырсыгы болду. Саат басып, каргашадан майып болгонду ошол жерде чогула калган көпчүлүк эл курчап алды. Так ушул учурда ошол туштан өтүп бараткан репортер жыйылып турган элди көрүп бүйүрү кызып, биле кетмекчи болуп унаасын токтотту да, котолоп турган элди карай жөнөдү. Бирок, кара басып тигил элди жөөлөп өтө алгыдай эмес. Нары жүткүнүп көрөт, болбойт, бери жүткүнүп көрөт, болбойт. Ошондо ал чыдабай кетип элди алдамакчы болду.

– О, бай болгурлар, коё бергилечи мени! Кандай немесиңер! Мен унаага сүзүлгөндүн атасы болом, – деп ач айкырыкты салып топту жиреп кирди. Карап турган эл аны бир карап, ортону бир карап алып, жамажайы жайыла жылмайып жол бошото баштады. Ошентип окуя болгон жерге жетерин жетип алып, кайра кирерге тешик таппай, качарга эшик таппай дал болуп туруп калды. Көрсө, аварияның курмандыгы машине уруп кеткен кара эшек экен.

# Бечаралык менен байлык



Мал жандуу кишинин тирүүлүктөгү ырыскысы түгөнүп, бул дүйнө менен кош айтышат. Өлөр алдында ал: “Мен өлгөндө мени менен көрдө бир күн отура алган кишиге болгон байлыгымды калтырам”, – деген керээзин айтат. Бирок, тилекке каршы ал өлүп, көмүүгө келгенде аны менен көргө бир күн отурууга акылэстүү пендеден бирөө да даабайт. Акыры жалгыз эшегинен башка көзгө басар мыдыры жок бечара чыгып: “Өмүр бою жакырчылыкта жашаганча бир жолу өлүк менен көрдө отуруп коёюн да, калган өмүрүмдү байдын эсеп жеткис дүнүйөсү менен шөкөттөйүн”, – деп көр ичинде бир күн отуруп чыгууга бел байлайт.

Ошентип аны өлүктүн жанына отургузушуп, казанактын оозун чоң кыштар менен бекитип, үстүн кадимкидей балык жон кылып жаап тарап кетишти. Ошону менен караңгы көрдүн ичинде бир өлүк менен калган бечара, коркконунан калчылдап титиреп, же чыга кача албай, же чыдап отура албай отуруп калды. “Эптеп убакыт өтсө экен. Эптеп түн кирип, таң атса экен!” – деп оозун тынымсыз былкылдөтүп, тынымсыз жалынып-жалбарып отурду. Арадан аз өттүбү, көп өттүбү белгисиз, бир маалда ат башындай күрсүлөрүн көтөрүп кайдан-жайдан эки периште пайда болду.

– Кана, бул жерде бир эмес, эки пенде отурат. Суракты кайсынысынан баштайлы? – деп күңгүрөндү биринчи периште.

– Өлгөнү кайда качат эле? Аны каалашыбызча сурай беребиз. А дегенде тирүүсүнөн баштайлы, – деди экинчиси өкүм үн салып.

Мына ошону менен кембагалдын көр кыйноосу башталды. Туулуп, эс тарткандан берки кылган эткени, жалгыз эшегин кайдан тапканы, аны кандай бакканы, кандай чөп берип, кандай сугарганы, ал тургай ага кандай токум токуп, жонун канча жооруткан тууралуу улам сурап, улам такып, жооп бере албай калган сайын күрсү менен өкүртө сабап, айгакүнгө үнүн жеткирип жатышты.

Ал тургай кайран эшекти бирөөнүн үйүнө тепеңдете минип барып, өзү чайга кирип кеткенде, анысын акыйта байлап койгону үчүн да төбөсүнөн от чагылта сокку жеп, жонунан кайыш тилинип турду.


Ошентип суроо үстүнө суроо, сокку үстүнө сокку жаап жатты. Бирок, эки периштенин сурагы бүтчүдөй түрү жок. Бүтмөк тургай, чекеси да оюлган жок көрүнөт. Алдына коюлган эңгезердей китептин улам бир барагын оодарып коюп эле суроо салып атышат, суроо салып атышат. Же анысы бир жарымдасачы. Акыры кабыргасы кайышып, чач-сакалы кирпигине чейин агарып, муун-жүүнү калтырак басып, шайы оол бараткан-да тигил казанактын оозу жактан кобур-кобур үн чыгып, кетменчоттун күрт-күрт этип топуракка сайылганы угулуп калды. Ошондо гана жаңагы эки периште муну зекий бир карап алып көздөн кайым болушту.

Аңгыча көрдүн үстү ачылып, казанагынан бир кирпич суурулду. Бечара жарды ошондон тартып өкүрүп-бакырып сыртты көздөй жулунуп, элдин амандашканына да, саламдашканына да карабай антаңдап жөнөдү. Ал тургай керээз кылган байлыгына куттук айткандарды да караган жок.

– Койгула, айланайындар! Койгула! Мага байлыгыңардын кереги жок! Сокур тыйыныңарды да албайм! Бир эшектин сурагын берем деп камырдай жууруулдум. Мынча байлыкты алсам өлбөймбү”, – деп зыркырап ыйлап баратты ал. Айтмакчы, кечээ эле шыпылдата камчы уруп, күрсө-күрсө теминип келип, ушу мүрзө тушка аркандай салган эшегин да минген жок.

Даярдаган
ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Телефондогу Куранды дааратсыз окуса болобу?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды SMS же Whatsapp аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Эмдетсе болобу? Дарыгерлер балага эч кандай зыяны жок дешет.**

***Жооп:*** Албетте дарыгерлердин жеген оокаты ошол болгондон кийин алар аны “туура, эч зыяны жок” деп айтышат. Анткени аларга ошентип үйрөтүшкөн. Анан калса ошол эмдөөгө бериле турган дарылардын сыртына да жакшы сөздөр гана жазылган.

Кээ бир медицина аалымдары бул эмдөөлөрдүн кээ бирлерин зыяндуу деп айтышат. Мисалы Галина Цареванын “Биологическое оружие: Яд от элиты” деген документалдык тасмасын көрүүнү сунуштайт элем. Ошондо толук маалымат бар. Ал маалыматтарды кыскача айтканда төмөндөгүдөй жыйынтык чыгат: “Ар бир эмдөөдө “ ртуть-сымап” бар. Ал мээни зыянга учуратат, жаш балдар андан “Даун” оорусу менен ооруп калуу коркунучу бар. Адамзаттын санын кыскартуу үчүн чыгарылган нерселер…ж.б. “.

Жеке мен өзүм балдарга эң жакшы каражат катары эненин сүтүн айтмакчымын. Эгер бала 2 жаштан 2,5 жашка чейин эме турган болсо эч кандай эмдөөнүн кереги жок болот.

**2) Сүмөлөк жөнүндө маалымат берип коёсузбу? Кайненем бир кылганда 5-6 жолу кылдырат, шартыбыз туура келбесе дагы.**

***Жооп:*** Сүмөлөк мен жакшы көргөн оокаттардан. Ким колунан келсе жасай берсин. Шарты туура келбеген адам өзүн кыйнабай эле койгону туура болот. Сүмөлөктү касиеттүү деп пикирленүү туура эмес. Сүмөлөктөн башка оокатты жасап эл чакырып той берсе да боло берет. Сүмөлөк бышырганда гана дуба жакшыраак кабыл болот деген ойдон алыс болуу керек. Белгилүү бир күнгө байлабай бышырса боло берет.

**3) Бейиште эркектер үчүн хүр кыздар болсо, аялдар үчүн да хүр балдар болобу?**

***Жооп***: Эркектер үчүн хүр кыздар болот да, бул жашоодогу аялы ошол кыздарга ханыша болот. Алардан да ашкан сулуулук өз аялына ыйгарылат. Ал эми аялдар үчүн өздөрүнүн күйөөлөрү эң сымбаттуу, көркөм жигиттер болуп жыргалчылыгына шерик болушат.

Негизгиси, Бейиш ар бир пендеге жага турган жай болот. Ал жакпаган пенденин өзү жок. Инсан бейиште эмне бар экендигине эмес, ошол бейишке кантип бара ала тургандыгы тууралуу ойлонгондугу эп.

**4) Намазды окуп жүрүп таштап коюу канчалык күнөө?**

***Жооп:*** Арам жумуш. Кудай Таалам сактаган болсун. Кайрадан окуп баштоосу милдеттүү. Адашкандын айбы жок, кайтып үйрүн тапкан соң.

**5) Телефондогу Куранды дааратсыз окуса болобу?**

***Жооп:*** Эң жакшысы аны да даарат менен окуганга аракет кылуу. Негизгиси телефонду дааратсыз кармоого тыюу салынбайт.

**6) Шариатта кандай учурда арам нерсени жегенге руксат берет?**

***Жооп:*** Өлүп бара жатканда өлбөй кала турганчалык жегенге уруксат берилет.

**7) Жолдошума экинчи аял болуп тийгем. Бирок күйөөм тараптан мени эч ким билбейт. Тойлорго мени менен барбайт. Элдер: “Жолдошуң кана?” деп сурай берип тажатат. Менден эки жаш кичүү. Эртең төрөсөм дагы баламды өзүмө жаздырат экенмин. Жообумду алып кетип калгым келет. Кеңешиңизди бериңиз, устаз?**

***Жооп:*** Анын да, сенин да кылганың туура эмес. Анын туура эмес жери эч кимге билдирбегени, сенин туура эмес жериң ошону талап кылбаганың. Жооп алып кеткенге шашпа! Балдарың сойкулар гана өз атына жаздырат. Же аталары менин балам эмес деп чанганда өз атына жаздырат! Сен антпе, ага жол бербе!

**8) Бала багып алууга шариат кандай карайт?**

***Жооп:*** Кайсы бир бала жетим калса, же багылбай кароосуз калса, ал баланы багып алууну шариат жылуу кабыл алат. Бирок, баланы сатып алууга, же сатууга, же башка нерсе менен соодалашууга, баланы башка диндегилерге багууга берүүгө болбойт. Колдон келишинче жакшы тарбия берип, кем кылбай багууга аракет болсо баары жакшы болот.

**9) Жолдошумдун мурунку турмушунан 3 бала, менде 1 бала бар. Ортобузда бала жок. Азыр ооруп жатып калдым. Жолдошум менен балам карап жатат. Кайын журтум мени мурун эле жактырчу эмес, азыр оорукчан болуп андан бетер жаман көрүшүп жаткан учур. Ажыраштырабыз дейт, бирок жолдошум макул болбойт. Мен күнөөкөр эмесминби, устаз?** (суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)

***Жооп:*** Капа болбоңуз, насип болсо баары ордуна келет. Эң негизгиси Кудайды нааразы кылбаңыз, намазыңызды окуңуз. Жолдошуңузду капа кылбаңыз. Кайын журтка капа болуунун деле кереги жок. Ар ким өзүнүн баласынын бактылуу болушун каалайт. Ошондуктан алар да аны-муну сүйлөшү толук мүмкүн. Оорулуу болуп калганыңыз үчүн өзүңүздү күнөөлөбөңүз. Ден-соолук калыбына келип, бардыгы ордуна түшкөндө түш көргөндөй болуп эстен чыгып кетет.

**10) Мен үйлөнгөн эмесмин. Бирок турмушка чыккан, бир кызы бар келинди жубай кылып алсам болобу?**

***Жооп:*** Болот. Сен эмес Пайгамбарыбыз алайхис салам деле өзүнөн улуу, мурда турмуш көргөн, балалуу Хадийжа энекебизге үйлөнгөн. Бирок ошол эле Пайгамбарыбыз алайхис салам мурда турмушка чыкпаган кыздарга үйлөнүүнү жакшыраак деп айтып, үндөгөн. Анткени жубайлардын жаңы жашоосу жаңы барактан башталганы жакшыраак болот.

**11) Дос кызым сеанска деп эле бир жерге бара берет. Андан да тиги тигиндей болот, бул мындай болот экен деп эле ойду буза берет. Чубак устаз сабагын туура эмес өтөт жана Пайгамбарыбыздын өмүр баяны китеби туура эмес деп көп айтат. Акыркы күндөрү жек көрүү пайда болду. Эмне кылсам болот? Чыдамсыздык менен жооп күтөм.** (суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)

***Жооп:*** Сенин айтканың туура. Кээ бир адамдар менин кээ бир сөздөрүмдү туура эмес деп айтышат. Анткени алардын сөзүнө окшошпойт. Кээлер өзүнө окшобосоң эле ката деп айта беришет. Сөз качан туура болот? Сөз Куранга жана Сүннөткө туура келгенде гана туура болот.

Адатта бекинип сабак бергендер мандемдүү болот. Айткан сөзүн эч кимден жашырбай айтса, ишенич туулат. Ката кеткен жери болсо, эл айтса ошого карап түздөнөт.

Биздин сабактарыбыз Ханафий мазхабынын жана Ахлу Сунна (матуридия ) мектебинин негизинде жүргүзүлөт. Тасаввуфту жакшы көрөбүз. Мен деле ката кетирип алуум толук мүмкүн. Эгерде жогорудагы багыттын негизинде туурасын айтып бергендер болсо, сүйүнүп кабыл алмакмын.

Акыйкат ар дайым айтыла берет. Мени жамандагандар, же жашынып алып жамаатына сындагандарга айтарым, сынчынын сыңар өтүгү майрык деген кеп бар. Ар ким өзүнүн өтүгүнүн түздүгүн караган жакшы болор.

**12) Кара дубанын таасири тиеби, же баары Алладанбы?**

***Жооп:*** Кара дуба сыйкыр деген эле сөз. Анын терс таасири бар. Адам өзү зикир жана дубалар менен сактануусу кажет. Бардыгы Кудайдын гана буйругу менен болору шексиз. Кудай Таалам пенделерин сыноо үчүн ушундай нерселерди да бул ааламда бар кылган.

**13) Дезодоранттын (атыр, духи) курамында спирт болсо колдонууга болобу жана ибадаттарга тиешеси кандай?**

***Жооп:*** Спирт кошулмасы бар атырларды колдонуунун эч зыяны жок. Ибадатка терс таасирин тийгизбейт. Азыркы учурда фатва ушул сөзгө берилет.

**14) Эрежесиз эр уруш (ММА) менен алектенүү динибизде кандай каралган?**

***Жооп:*** Короз уруштуруу, ит талаштыруу, бука сүзүштүрүү жана адамдарды эрежесиз уруштуруу жакшы эмес. Арам иш деп табылат. Анткени адамдардын инвалид болуп калуусу, кээде өлүп калуусу ыктымал болгон катаал оюндарга тыюу салынат.

Ооба, адамдын башына эмнелер келбейт. Ат башына күн түшсө ооздугу менен суу ичет, эр башына күн түшсө өтүгү менен суу кечет дегендей, кээде эрежесиз эр уруштун бардык ыкмасы ишке жарап калуусу мүмкүн. Ошондуктан ага машыгуунун туура эмес дегендин өзү туура эмес. Бирок, иш чара катары уюштуруу, аны даңазалап жайылтуу, аны көргөнү баруу туура эмес.

**15) Урматтуу ажым! Мен айыл жеринде мечитте имам болуп иштейм. Көңүлүмдү чөктүргөн амалдардын бири фидья-давра маселеси. Илимим алхамдулиллах жакшы эле, бирок жалпы айыл эли (жети миңден көп) мурда көнүп калгандыктан дооран талап кылып келишет. Эки-үч жылдан көбүрөөк уруксат бербедим. Эми “аш көбөйсө, каада көбөйөт” болуп, бардык өлүм-житимдеги бидьаттар күчөдү. Мен фидьяны бергиле, кембагалга дооран кылалы деймин. Эл дооран кылса, мен каршы болгонум үчүн күнөөкөр боломбу?**

***Жооп:*** Фидия берүү бар маселе. Карылык себептен окулбай калган намаздар, тутулбай калган орозолор үчүн ар бир күнкү орозого, ар бир намазга орозо битир өлчөмүнчө фидия кайыр катары жардыларга берилет.


MAGNAT ТАКСИ

1496

0772 89 55 77

Жарыя! Жарыя!

Учурда Бишкекте "Магнат" такси кызматы жаңыдан ишке кирди!

Тел.: 0772 89 55 77
0553 89 55 77
0703 89 55 77

БАШТАЛЫШЫ 35 сом

10 сом АР БИР ЧАКЫРЫМГА



Менчик унаасы менен тажрыйбалуу айдоочуларды да кызматташууга чакырабыз!

Давра дегени, ошол фидиядан кутулуунун жолу катары тутулган айла-амал деп айтсак туура болот. Аны кыргызча эле айтса болот. Бизде жигит өлгөндөргө деле фидия берип, давра окулганы туура эмес. "Шейх фаани", жедеп улгайган кары адам деген түшүнүк каралбай жатканы өкүнүчтүү.

**16) 11-класстын аттестатын сатып алса арам болбойбу?**

**Жооп:** Окубай туруп сатып алсаң албетте арам болот. Окубай туруп, бирок ошол программаны билсең, анда аны колго алсаң, айла жоктун иши катары бааланат.

**17) Чет жакта иштеймин, өз саатымдын убактысы менен гана намаз окучумун. Бир күн башка саат менен намаздарымды өз убактысынан башка эле убактарда окуп алыпмын. Ошондо ал намаздарымды кайра окуп берүүм керекпи?**

**Жооп:** Башка саат менен окуса сөзсүз ката болуп калат деген жери жок. Негизи календардагы намаз убакыттарынан адашпаса эле туура боло берет. Ошого салыштырып карап, тактап алыңыз. Туура келбесе, казасын окуп берүү милдеттүү болот.

**18) Оштогу жин чыгарган мыкты молдолордун дарегин берсеңиз устаз?**

**Жооп:** Ошто ким жин чыгарганын билбейм.

**19) Жолдошум менен жашаганыма 8 жыл болду. Ал Москвага кеткенде, мен бир байке менен жакын мамиледе болуп койдум. Ал кезде жолдошум менен урушуп жүрөт болчумун. Жолдошум чакырып калды, үйдөгүлөрүмдүн айтуусу менен араң бардым. Ошентип уруш-талаш коштолгон жашоо уланды. Кийин боюмда болду, төрөдүм. Эң өкүнүчтүү жери, уулум жанакы байкеге окшоп төрөлгөнү. Күнөөкөрмүн, устаз. Эмне кылсам болот?**

**Жооп:** Бала сиздин жолдошуңузга таталат. Ошонун баласы деп эсептелет. Анткени аны менен никеңиз сакталуу. Өткөн күнөөлөргө өкүнүңүз, тооба кылыңыз. Андай терс иштерди кайталабаңыз. Ал эми бул маселе жабылуу бойдон калганы туура болот.


Жолдошуң менен ынтымакта жашоонун аракетин көр. Балдарыңды атасыз калтырба... Намаздан калба! Бул убактылуу жашоодо татыктуу жашоого аракет кыл. Сыноо дүйнөнүн сыноосун көтөрө алгандар гана бейишке бараарын унутпа.

**20) Жолдошум экөөбүз 7 жылдан бери дарылансак да балалуу болбодук. Бир врачтын кеңеши менен жер алмаштырып, баарынын ыраазычылыгын алып Екатеринбургга кеттим. Келген соң жарым айдан кийин эле телефондон жолдошум талагымды берди. Ушундай да болобу, устаз?**
**(суроону устаз толук окуду, бул жакка кыскартылып берилди)**

**Жооп:** Болгонун сен айтып берип жатпайсыңбы? Шариат талакты жакшы көрбөйт. Болор иш болуптур, эми сен дагы өткөн ишке өйлонуп кыжаалат боло бербей, келечекке түз кара. Намаз оку, оромол салын. Бактыңды Кудайдан тиле. Кудайым берсе бактыңды, аны эч ким тартып ала албайт. Кудайым бербесе, сени эч ким бактылуу кыла албайт. Кудайдан калба....

Даярдаган: ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Ырдын күчү



Илгери-илгери Кумурзстанда бир өтө күчтүү ырчы кумурска чыгып «Эй Орсуя Орсуя бир боор эмем» деп ырдап кеткен имиш. Мына ошол ыр эмгиче уядан-уяга, жумурткадан-жумурткага, кумурскадан-кумурскага, данекбаштан-данекбашка, уяхандан-уяханга өтүп унутулбай келет. Анан калса, анын жөнөкөй кумурскалардын арасында оошконунан дагы, тигил Ак уя, Көк уяда отургандардын биринен-бирине өтүшү өтө опурталдуу. Кокус эле бул ыр хоппозутсуянын оозунан кетип, жокпозутсуяга өттү дегиче анда беркинин иши бүткөнү дей бериш керек. Анда эле аянт бетин бербеген кумурскалар жайнап чыгып, Ак уя менен Көк уяны бир сыйра тебелеп өтүп кетишет. Андайда аларды күн тарткыч менен атсаң дагы, күкүрт менен жаксаң дагы токтото албайсың.

Баса, илгери Кутурман Бек Бакстын убагында да Гурмат Харткабас баштаган кумурскалар кандайдыр бир себептер менен дүрбөп кетип, Ак уяны тебелеп кирип кетишип, Кутурман Бек кайда качарын билбей алапайын таппай калган дешет. Бирок, кызыктын баары анын качканында эмес, беркилердин кубалагандыгында болуп атпайбы. Жакшы эле каптап кирип алышып же «бир боор эмесинен» бир шиңгил ырдай алышпай, же Орсуя тараптан бирөө жарым үйрөтүп койбой, кайра шылкыйып чыгып кетишкен. Ошондо чозду бейм Кутурман бек. Үч-төрт жылдай Орсуя эле Орсуя деп чозо берди, чозо берди. Бирок, бул кыйтыр дагы бир нерсени үйрөнүп алды. Оозу менен калп эле чозумуш болгону менен, өзү шылкылдап анжуян шалкылдамасын бийлеп, кымырылып Кытуянын жибегинен кийчү болду. Анан албетте көңүл башка жакта болсо, ырдын деле көркү кетет да. Эптеп-септеп ырдамыш болгондо кимге жаксын. Мына ушуну гана күтүп турган Хахамбай тарап бир күнү күтүүсүздөн чыга калып, ай ааламды жаңыртып чозуп бир кирди дейсиңер. Тим эле Кутурман Бектин үнү чайкылдап-чүйкүлдап эле калды. Желдеттерин жиберип Хахамбайдын оозуна талкан тыгып көрүштү, байпак тыгып көрүштү, капуста тыгып көрүштү. Жок. Хахамбай күчөгөндөн күчөп ырдап туруп алды. Акыры, ырдын күчү менен Кутурман бек Ак уяны таштай качканга аргасыз болгон.

Мына ушундай таржымакалы бар бул ырдын. Ошондон баштап ырдын күчүнө там берген Шаша кайда барса оозунан түшүрбөй ырдап жүрдү го, чиркин. Конокко барса да ошол ыр, жомокко барса да ошол ыр, тойго барса да ошол ыр, ойго барса да ошол ыр. Ал тургай бир кезде эркелеп, ойноп келчү Түркуясына барганда да Орсуяны чозуп жиберди. А Түркуялыктар мындай ырды такыр укпайт да. Аларда Ардигон деген кыйын дутарчысы бар. Бир колу менен күү чертип атканда, бир колу менен таңгак-таңгак капустаны санап, уясына тыгып коёт дешет. Кээде гана уясына капуста батпай калганда, шашып кайда катарын билбей күүсү тынып калбаса, дээрлик бардык убакта чыңкылдаган үнү басылбай турат. Убагында Хахамбай да ошол капустаны байкап калып, эркелеп келген тура, көрсө.

Кыскасы ушундай. Ал жакта күүнүн сыры менен капусталар катылып атса, бул жакта ырдын күчү менен бийлик кармалып турат. Бирок, акыркы убакта Хахамбайдын дагы үнү каргылданып, какап-чакап ырдай албай кетчү болду. Албетте, мындай убактар өтө коркунучтуу. Жанында эле отурган бирөө кыйкырып ырдап чыга калып, Хахамбайды нары түртүп коюшу да мүмкүн. Ансыз деле кечээ өзүн «эптекей жармадент» деп атап алган бирөөлөр чыга калып, ырдап көрүштү. Жакшы эле заңкылдап кыйкырып, ырдаганга аракет кылышты, бирок мунусу негедир окшошпой калды. Бир заматта үндөрү жетпей чыйпылдап, кыйкылдап барып бас-бас болду. Эми ким ырдаар экен? Хахамбай эле кайра чозобу, же анын да дарамети бүткөнбү, белгисиз... Азыр негедир тунжурап барат. Кээде башка тараптан да созолонгон үндөр чыгып кетчү болду.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ




*(уландысы)*

Төшөктөн турганыма бир айдай болгондон кийин, бир күнү таенем келип, мени алып кетти. Алмакан эжем али айыга элек. Мен таенемди ээрчип тышка чыгып баратканда, ал үйпаланып, көзүн жаап калган чачын бир жагына сылап жатып, мага бурулуп, «кетип баратасыңбы? Кош эми» деген кишидей аянычтуу, кайгылуу көзүн муңайтып кала берди.

Бир гана менин кетишим менен үй жеңилдебейт, менден башка чубурган дагы беш жетим бар. Антсе да менин кетишим үйдөгүлөр үчүн оңой олжо эмес.

Таятамдыкы Чоң-Таштан1 кырк чакырымдай ары—Кең-Суда. Таятам чоң бай, бала-бакыралуу, алты уулу бар. Алтоо тең четинен дүркүрөп байып келе жаткан.

Таенем мени балчайган, чоң курсак тору бээге учкаштырып алып, үйүнө кечкире келди. Мал кызуу төлдөп жаткан кез. Биз барганда быкпырдай көп койду саап болуп, агытып жаткан экен. Кой саап жаткан бир ак жуумал келин:

—И, энем келди,—деди бизди көрө коюп. Тосмо суудай мемиреген жазы, жумшак кечте, кыжылдаган сансыз кой аралашып, чаржайыт чуркурап, уйлар музоосун издеп мөөрөп, жер-суунун тынчын алып, кечки тунук абаны экилендирип, айлана кайнаган күүгө толуп турду. Жалгыз молодой жымжырт жерде өскөн адам, мына бул жерден экинчи бир дүйнөнү көргөндөй болдум.

Бир топ күндөр өттү. Жакын айылдарга барып, балдары менен аралашып, аз күндө үйүр алып кеттим. Бир күнү эртең менен таенем келинине айтып, бир кичине көнөчөккө мага айран куйдуруп берди да:

— Бар, кагылайын, козу кайтарып кел. Үйгө жиберүүчү болбо,— деди.

Таенем көзү бажырайган, балпайган, чоң кара байбиче. Чекесинин так ортосунда чоң меңи бар. Таятам жетимишке чыгып, былтыр өлгөн. Анын күмбөзүн тургузабыз деп он чакты кишиге кыш куйдуруп жаткан экен. Айымжан таежеңем «киш-киш» деп козуларды айдашып, короодон узатышып салды. Жер жайнаган жаш козуларды жогору карай айдап, мен кете бердим. Колумда узун чыбык. Кийин калгандарын сайып койсом, кээ бири туйлап кетет. Жашы мени менен тең — Курманбай таякем кызык көрүп, ээрчип чыккан. Бир аз ойноп жүрүп, эриккен кезде кайра кетип калды.

Козуларды жайып олтуруп, айылдан абдан узаган кезде, бир кырдан ашырып таштадым да, өзүм келер жолун тосуп бери жактагы бир дөңсөөгө көнөчөгүмдү коюп, олтура кеттим. Кызык көрүнөт: көнөчөктү улам айландырып, карай берем. Козулар бадалга кирип кетип тынчып калган кезде чокоюмду чечип жайып таштап, алдыма тонумду жая салып, жата кеттим. Айланамда көп караан жок, мына мында гана Сарыбай байдын баласы куш салып, тамаша жасап жүрөт. Сарыбай — байлыгынан бүтүн көл өрөөнүнө, андан калса казактын Албан элине түгөл маалым болгон адам. Ошондуктан «Сан жылкылуу Сарыбай» деген атка конгон.

*(уландысы бар)*

# Оштук Жамала Евровидение-2016ны жеңди!

1984-жылы Ошуда төрөлгөн Жамаланын чыныгы ысмы – Сусанна Жамаладинова. Анын бала чагы Крым жарым аралынын Алушта шаарынын чет жакасында өткөн. Жамала Украинадагы Чайковский атындагы музыкалык академияны кызыл диплом менен аяктаган. Учурда Киевде жашап, өзүнүн 5 музыкалык жеке альбомун чыгарган. Азырынча турмуш куруп, балалуу боло элек.


Украиналык Жамала «1944» аттуу ыр менен жеңди

32 жаштагы ырчы айым Евровидениенин сахнасына «1944» аттуу крым татарларынын совет доорунда өз мекенинен сүрүлгөнү тууралуу ыры менен чыккан. Түрдүү маалыматтарга караганда бул сүргүндө крым татарларынын 20–40%ы ачарчылык жана оорудан набыт болгон.

Киевдин Борисполь учак майданында Украина желектери жана кучак-кучак гүлдөр менен тоскон калың элди көрүп толкунданган Жамала: «Көп жылдан бери жашырылып келген тарыхый окуя дүйнөгө угулду. Крым татарларына жабылган жалаа жуулуп, адилеттүүлүк орноду. Биз бул жеңишке татыктуубуз, анткени жан ачыткан азаптан өттүк. Менин ырым кошок сыяктуу болгондуктан Евровидениеге жарашпайт дешкен. Бирок Европа бул чын жүрөктөн чыккан ыр экенин сезип, мага добушун берди. Биз уттук! Украина бул жеңишке 100% татыктуу», – деп сүйүндү.

Жамаланын «1944» аттуу ырына 41 мамлекет 534 упай берип биринчи орунга өткөргөн. Австралиялык Дами Им 511 упай менен экинчи, орусиялык Сергей Лазарев үчүнчү орунду алган. Азыр согуш абалында турган Орусия менен Украинанын саясатчылары Евровидениенин натыйжасын жоруганда бири-бирин бир сыйра чымчылап өтүштү. Кызыктуусу украиналыктар орусиялык Сергей Лазаревге максималдуу 12 упайдын 12син тең берсе, орусиялык күйөрмандар Жамалага 10 упай беришкен. Демек карапайым эл саясатчылардын сасык үгүтүнө алдырбай, бири-бири менен достук мамиледе болууну туура көрөт.

Евровидение финалына бир нече күн калганда Жамаланын ыры «эң жакшы текст» деген наамды да алган.

### «1944»

*Чоочундар каптап келгенде,*
*Үйүңө орой киришет.*
*Алар силерди кырганда,*
*«Бизде күнөө жок» дешет.*
*Акыл эсиңер кайда?*
*Адамзат сыздап турбайбы!*
*Өзүңдү теңеп кудайга,*
*Ким койду сага кырганды?*
*Менин жанымды жутпагын,*
*Жаныбызды жутпагын...*
*Жаштыгыма тоё албадым,*
*Өз жеримде из салбадым.*

***

*Адамдар эркин жашап, сүйүшкөн,*
*Биз келечек курат элек.*
*Кайда силердин бактылуу жүрөктөр,*
*Адамзатын гүлдөткөн.*
*Өзүңдү теңеп кудайга,*
*Ким койду сага кырганды?*
*Менин жанымды жутпагын,*
*Жаныбызды жутпагын...*
*Жаштыгыма тоё албадым,*
*Өз жеримде из салбадым.*


Австралиалык Дами Им ырчы «Sound of silence» аттуу ыры менен 2-орун ээледи


Орус ырчысы Сергей Лазарев «You are the only one» аттуу ыры менен 3-орунда





